59 1319

Калыгулдуи (59)

масли.

## КАЛЫГУЛДУН МЕСЕЛИ

Калыгулдун макалын,
Элге айтып чачалы.
Тумандаган сөзү бар
Кайсы бирин билебиз
Билгенин жазып келебиз.
Ушу келген заманды
Билүүчү экен Калыгул
Айткан кеби мына бул
„Жакшы заман келет деп,
Миңдин бири билет деп"
Айтып өткөн Калакең
Андай адам канакен
Касиеттүү жан экен
Эки кылым өткөндө
Как ошондо келер деп
Кан Ормондун кашында
Айтып жүрдү ошондо.
Айтканын кабыл көрбөдү
Ормон баатыр тергеди.
Ушул кезди ойлосок
Айтканы азыр келгени
„Атын баккан азамат
Катын багат дечү эле.
Итин баккан аялдар
Элге жагат дечү эле.
Элге жаккан ал аял
Эрге жагат дечү эле.

Шатыратып күн жааса
Жерге жагат дечү эле.
Жакшы чыккан азамат
Элин билет дечү эле.
Элин билген ал адам
Билим билет дечү эле.
Окуп карап ойлонуп
илим билет дечү эле.
Эчен түрлүү адамдын
Тилин билет дечү эле.
Чыгып турган ал адам
Чынар болот дечү эле.
Чымчык сайрап чыгарга
Булбул конот дечү эле
Түбү жоон тамгалуу
Терек болот дечү эле.
Көлөкөсү көп жанга
Керек болот дечү эле.
Андай адам табылбайт
Кайда болот деп айткан
Ошол чыкса дүйнөгө
Пайда болот деп айткан.
Тийип турган асманда
Күндөй болот деп айткан
макулуктун баарына
Бирдей болот деп айткан.

Ошол адам ойлосоң
Кимден чыгат деп айткан
Ушул турган калайык
Элден чыгат деп айткан
Алтын кумуш асылдар
Жерден чыгат деп айткан
Ою жетип ойлойбуз
Ошону ким деп сүйлөйбүз.
Акылдуулар андайбыз
Ошону ким деп камдайбыз
Муну мындай таштайбыз
Дагы далай сөзү бар
Бөлөгүнөн баштайбыз.
Текши жерге тегирмен
Жүрүп турат деп айткан
Тегеретип барысын
Билип турат деп айткан
Акыр заман жакындап
Келип калды деп айткан
Бу замандын картымын
Мурункунун артымын
Ичимдеги тартымын
Кайсы бирин теремин
Билгенимче калайык
Минтип айтып беремин.
Оң бетинде калы бар
Ойротто жок киши экен

Ошол айткан кептери
Олуядай киши экен
Калакецин сөздөрү
Угуп турсак ушу экен.
Кызыл ала кыялар
Кыргый талга уялар
Кийин заман келгенде
Кыз жигитти кубалар
Жашыл ала кыялар
Жагалмай тамга уялар
Жакшы заман келгенде
Жаштар бизди кубалар
Ошол заман келгенде
Уул билбейт атасын
Атасы бербейт батасын
мен да сенден кемби деп
Салыштырат жотосун.
Кыз билбейт анасын
Анасы билбейт баласын
мен да сенден кемби деп
Салыштырат данасын.
Жети сууну жердеген
Памысын колдон бербеген,
Казак кыргыз эл деген
Жоо дегенде дегдеген
Баары көйрөң эл экен
Ойлоп турсак ошону
Кылган иши бул экен.

Бечаренин баарысн
Байга жалчи бул экен.
Ошо кезде манаптын
Жумшагени кул экен.
Ала тоону жердеген
Аттануга дегдеген
Уктаганды уйпеген
Уяты жок жан экен
Кек ошону башкерган
Ормон деген хан экен.
Арасында баатырлар
Анда-санда бар экен
Илим окуп билбестен
Издегени мал экен
Ушу сезду тушунбес
Ийрилери бар экен
Калыгулдун бу кебин
Абайлабай журчу экен.
Баш аламан баарысы
Ар бир ишти керчу экен.
Эгин айдап чеп орбой
Эндее журген эл экен.
Эгин ,билим билбеген
Акылы жок кем экен.
Ушу келген заманды
Калыгул канча айтуучу
Айткан кебин биле албай,

Өзү айбан тил албай
Канча -канча какшанып
Калыгул айтты бир далай
Айтканында арман жок
Укпай киши калган жок.
Асты тилин алган жок
Бул ишинде жалган жок
Айтып айтып жүрдү далайга
Ыйлап жүрдү кудайга
Ошентип ойлоп ал өттү
Эчен сонун жан өттү
Калыгул аке кеп айткан
Орус чыгат деп айткан
Миң түтүнгө бир киши
Болуш чыгат деп айткан
Узун чыккан чөп болсо,
Оруп чыгат деп айткан.
Кыска чыккан чөптөрдү
Коруп чыгат деп айткан
Ай ааламдын баарысын
Соруп чыгат деп айткан
Падышанын адамы
Барысынын наадаңы
Печат менен кедейдин
Барын жаман тепседи
Башынан камчы кетпеди.
Өң бечара кедейде

Башына камчы бүктөдү.
Катуу жумуш келгенде
Ошолорго жүктөдү.
Кара жолду каздырып
Баарын жөө бастырып
Баарынын малын үлөшүп
Ушу кезде кедейлер
Байга каршы күрөштү
мекелейдин башынан
Таптаганы бул болду.
Эрди катын экиден
Жумшаганы бул болду.
Как ошондо кедейлер
Жакшылыкты көрбөдү
Кана байкуш кедейлер
Жакшылыкты көргөнү
Старчын бий болушу
Жардам болду орусу
Тандап келип бир бирин
Сөөлөт менен конушчу
Ою менен чалкалап
Куурап жүргөн кедейди
Жеп алышчу талкалап
Абылынай кор кылып
Айылдын баарын жок кылып
Жер кадырын билбестен
Жеп алуучу кедейди

Бул ишине не дейли
Куруп калган кедейлер
Омурткасы оркоюп
Орок оруп жүрүүчү.
Ошолордун эгинин
Убайын манап көрүүчү
Кабыргасы каркайып
Катуу кызмат кылуучу
Эмгек кылган эгинин
Чыгым салып алуучу
Алды каккан кедейлер
Антип куру калучу
Кыштын күнү болгондо
Кой кайтарып үйүнө
Кызмат кыйын кылышып
Кошоматты чоң кылып
Байга кызын беришип
Жашы эмес карысы
Кедейдин кызын алышып
Карыга кыз беришкен
Ушундан үлгү калышып
Кызды карган киши алган.
Каш ушундан сөз калган.
Эчен сонун кеби бар,
Өзү билген заманда,
Кандай айтса эби бар.
Күнүдө короо кайтарып
Жүрөгүминтип майтарып

Жайдан кышка басылбайт
Кара жердин шамалы
Ушинтип кунду өткөргөн
Жан сактоонун амалы.
Айласы барбы ары жок
Эптеп жүрөт кору жок.
Оңол өткөн заманды
Ойлоп турсак амалдуу
Ушунун барын ойлосок
Никалайдын иши экен
Баарын билген Калыгул
Касиеттүү киши экен.
Ушу келген заманды
Билбейсиңер манаптар
Кедейлердин бул сөзүн
Айткан сөзүн карактар
Зордук кылып кедейдин
Эгегине бай болуп,
Көңүлү өсүп жай болуп
Төргө көчүп жайлачу
Дөңгө кулун байлачу
Саан үю жүз болуп
Саай албай туш болуп,
Куруп келген кедейге
Бирден саан берүүчү
Ашлык бышкан кезинде
Кедейлерге келүүчү

Эсеп кылып шордуулар
Аштыгынан берүүчү
Бай менен бийлер чогулуп
Кедейдин канын төгүүчү.
Андан кийин кор кылып
Алды каткан дыйкандын
Алы күчүн жок кылып
Болуш чыгым салды деп
Бирден коюн алуучу.
Ач-жылаңач дыйкандар
Минтип да куурап калуучу.
Ушинтип жүргөн дыйкандар
Канткенде жаруучу
Ошо келген турмушту
Калакең мурун билүүчү.
Ар кимдерге билгизип
Какшап айтып жүрүүчү.
Акыл айтып Калыгул
Макал менен жүрүүчү
Ошондогу бай манап
Шылдың кылып күлүүчү
Арасында Калыгул
Арац эле жүрүүчү.
Айтса кебин, тил албай
Андай кепти биле албай.
Заман өтүп кетиптир
Арасында бир далай

Ушу заман тез келди
Эми бисге кез келди.
Олол заман курусун
Кедей дыйкан байкуштун
ичи кантип жылысни.
Старчиндин ичиче
жыйылышып топ кылып,
Куурап жүрген дыйкандын
Башын кошпой жок кылып
ырысы жок дыйканды
Ушинетип таратып
өйдо калбай кууратып
өзүнүн көзүн каратып
Кылмышкылган кедейдин
Малын алат санатып тйөзүхкелипхтопх
тйөзү келип топ кылып
Кылмышсыз эле кедейдин
Бир далайын жок кылып
Мекелейдин заманы
Дыйкандардын жапаны
Ким билим билбеген
Ушул болоор арманы
Сырт көпүм-кылычча
Бай манаптын баарысы
илим билди орустан
кыштирип олушкан
Бири бирин колдошту
Дыйкандарды ондошту

Куурап жүрген кедейлер
Илим окуп биле албай
Кедейлердин балдары
Окуса да тил албай.
Алардын тапкан бикири
Бай манаптын тамагы
Караңгылык курусун,
Кана билген сабагы.
Ачылбады кабагы,
Кана кылган амалы
Карды тойбой байкуштар,
Кантип табат амалды
Илим билим билбесе
Кантип табат амалды.
Ушу заман келгени
Дагы ушундай болсо деп
Өң кедейлер дегдеди.
Мындан ары карата
Кедей көнү шат болду
Мингендерин карасаң
Темирден кылган ат болду.
Өкмөт берди тилегин
Шымаланды билегин.
Көңүлү өсүү жай болду
Көңтөрүле бай болду.
Баракелди Сталин
Жарыгың күндөй тийгиздиң
Жалпы кедей дыйканга

Беркут чапан кийгиздиң
Пайдасын минтип тийгиздиң,
Атка минип алышып,
Ары-бери жарышып
Кедей доору болушуп
Мындай доор көрүшүп,
Бай манаптар жоголду.
Моминтип иши оңолду.
Арак, ичип оолугуп
Эми араң соолугуп
Күнү-түнү тынышпай
Кызмат жакшы иштеди.
Аянбастан киришип,
Асыл буюм тиштеди.
Шымаланып алышып
Жумушка чыгат жарышып.
Баракелди дыйкандар
Күндө чыгат дуулдап,
Жумуш кылып чуулдап,
Өндүрүштү жүргүзүп,
Жылдан жылга арбытып,
Жумуш десе дегдеген,
Кайтып үйгө келбеген,
Ачкасына карабай,
Аманат жанды аябай
Баласына карабай,

Бачым жумуш бүтер деп
Тиги менден өтер деп
Орок оруп жүгүрүп,
Шымаланып түрүнүп,
Күчаладай ташыды
Күч дарыдай от алды
Айткан кептин баарысын
Бир айтканда жат алды.
Кары дебей, жаш дебей,
Катын дебей, кыз дебей,
Бары окуду билимдүү.
Өкүматтын айтканы
Как ушундай билинди.
Жалкоолорду качырды,
Душмандарды шаштырды,
Баракелди дыйкандар
Колхоз деген ат болду.
Кармашкандар мант болду
Башына жакшы иш конду
Өң жалкоолор мыш болду
Жаман адам жалкоо деп,
Арасында айтты кеп
Сталиндин уставын
Кедей дыйкан устатың
Жалкоолордун баарысын
Арт жагына таштадың.

Баары окуп билимдүү,
Байлыгы элге билинди.
Кедей дыйкан бай болду,
Көңүлү өсүп жай болду.
Жегени семиз тай болду.
ичкени кымыз чай болду,
Шайыдан көйнөк кийишип
Шатырашып күлүшүп,
Кедей менен дыйканга
Кездемени келтирди.
Кекенишкен душмандын
жүрөгүн минтип өлтүрдү.
Батинке өтүк кийишип,
Баары жүрөт күлүшүп,
Эмгеги колго тийишип
Өкүмөттүн артыгын
эми жүрөт билишип.
Бул өкүмөт тушунда
Чыргай берет ушунда
Ушу келген жумушту
Аткарыштыр бул ишти.
Абдан жакшы кылышты,
муну көргөн жалкоолор
Өз жанынан түңүлдү.
Шымаланып жүгүрдү,
Жумуш десе тартынбай
Баарысы бирдей күчөдү.

Кара жерди каңтарып,
Астын үстүн аңтарып
Андан бетер күчөдү.
Күчөгөнүн карасаң,
Күйгөн оттой дүрүлдөй
Аны көргөн жалкоонун
Азат бою дүрүлдөп.
Жолду колхоз окшотту
Жоонун ишин аңдады,
Азык түлүк камдады,
Нанды чындап көбөйттү,
Ак буудайды аябай
Ар тарапка жөнөттү.
Малды багып көбөйттү,
Баарын жакшы төлдөттү,
Ар душманга көргөздү
Аскер болсо өзүндө
Аргымакты мингизди,
Салышам деген душмандын
Баарын жерге киргизди.
Кедей менен дыйканга
Ок атар киши калган жок
Ал ишинде арман жок.
Кедей менен дыйканга
Ушундай жакшы иш болду,
Урушам деген жоо болсо,
Өзү жатып мыш болду.

Ылдан ылга дыйкандын
Чыгып барат арбагы
Кыштактары гүлдөдү
Кытай эли сүрдөдү
Чарбаларды гүлдөттү.
Япон эли сүрдөдү,
Ач арыктар тоюнду,
Атышам деген душмандын
Эки көзү оюлду.
Жумушчу дыйкан бай болду,
Барынын көңүлү жай болду.
Колхоз болгон дыйкандар
Баштагысын унутту.
Бадышаларды курутту
Жанар деген жакшы тоо
Япон калбайт мындан соо
Ай ааламдын баарысын
Алып келет дыйкандар
Азык-түлүк аябай
Салып берет дыйкандар
Жетим менен жесирди
Багып келет дыйкандар
Жетпей калган жетимге
Ар түрдүү товардар
Алып берет дыйкандар.
Дыйкан иши оң болду

Арбагы журтка чоң болду
Казыналык малы бар,
Кампасында даны бар
Андан дагы арттырат
Нечен түрлүү кеби бар
Ушу кезде дыйкандын
Мактанарга эби бар
Баракелде дыйканга
Душмандарды башка урат
Өкүматты жакшылайт
Өкүмат берет белекти
Дыйкандар алат керекти.
Жумушчу менен дыйкандын
Бактысы бүгүн ачылды.
Гүлдөгөн биздин советтен
Билим нурлар чачылды.
Өкүмсүгөн душманы
Өзү журүп чарчады
Өнөрү ашты дыйкандын
Басып өттү канчаны
Бийиксиген душманы
Ичине калды бышманы
Дыйкандарга теңиген
Бекерлер оозун карманды.
Өзү калды армандуу
Бет алганын талкалап
Иш бүтүрдү дыйкандар

Өз алдынан чалкалап
Өнөрү ашты дыйкандар
Эмгек менен душманды
Жеңип берди дыйкандар
Колу жеткен жерлерди
Эңип берди дыйкандар
Дыйкан элдин мазары
Мактап муну жазалы.
Калыгулдун айтканы
Эмгек минтип кайтканы
Ушул ишти Калекең
Билип койгон жан экен
Касиети бар экен
Анык билген жан экен
Андай адам кана экен,
Калыгулдун айтканы
Далай түрлүү бар экен.
Калакеңин сөздөрү
Туура чыкты нак өзү
Эркек үндүү аялдын
Уяты жок
Катын үндүү эркектин
Кубаты жок,
Өгүз мүйүз инектин
Сүтү жок,
Ин мүйүз өгүз уйдун
Күчү жок.

Кээ бир адам күркүрөйт
Магдыры жок,
Кээ бир адам достошот
Тамыры жок,
Өлүп калды Калыгул
Кадыры жок.
Калыгулдун казалын,
Ойлоп туруп жазамын.
Ушуну айтып келгенде
Көңүлүмдү басамын.
Ушуну тапкан Калыгул
Баракелди көзөлүм,
Түп атасы Маматкул
Өзүнүн аты Калыгул
Айткан кеби мына бул
Өз атасы Дөлөткө
Айтып келди зээлөткө.
Никалайдын тушунда
Далайларга жээлөттү.
Жаңы ачылды багыбыз,
Керебет алтын тагыбыз
Ушуга кулак салыңыз,
Айтып берем эрмекке.
Окуп карап көрмөккө
Урайын десе кудайым,
Уулу душман жудайын,
Кызы салат" кыйынга,

Кеби баспайт жыйынга
Келини чыгат кер айтып
Кемпири чыгат тырайтып
Жат бутуңду сырайтып.
Жамбы берген жакынга,
Жакшылык кылбайт кылайтып,
Уул, кыздан пайда жок
Ушу сөздөн айла жок.
Ушу макал сөз деген
Уккан адам дегдеген,
Өтүп кеткен өмүрүң
Кайтып жашка келбеген.
Булут минсең жетпейсиң,
Мурунку өткөн жашыңа,
Мууну кетип карыса
Ажал келген башыңа,
Шамал минсең жетпейсиң,
Санаа менен өмүргө
Санасаң айла таппайсың,
Ажал менен өлүмгө
Тирүүлүктө жүрөбүз,
Тике басып жасандап.
Тигине ажал билинбейт
Аңдып турат аяңдап.
Ажал келет бир күнү,
Алкымыңдан жакалап.
Абайлабай турабыз,
Аңдып турат бакалап.

Алып кетет бир күнү
Аттай бутуң такалап.
Ушу дагы акылы
Калыгулдун макалы.
Калекең кызык ыр болгон
маселеси чын болгон,
Ойлоп туруп жазалы
Ушул экен месели
Окуп карап ойлонуп
Бул дүнүйөдөн кечели.
Ошолордун баарысын
минтип өтүп кетели.
Жакшы заман белгиси,
Мурункунун үлгүсү.
Абайлаган адамдын
Аныкк келет күлкүсү.
Бул дүнүйө шум жалган,
Баары билбей тим калган.
Ачып кара көзүңдү,
Абайлагын сөзүңдү
Ушу кезде билбейсиң,
Ким деп карап өзүңдү.
мындай жакшы заманды
Таппай калдык ойлосок,
Калыгулдай адамды
Андай адам эми жок,
Эстегенде көңүл ток.

Эчен түрлүү кеп айткан
Калайыкка көп айткан,
Андай адам элде жок,
Бул өңдөнгөн меңде жок,
Санчы деген сынчы өткөн,
Мындай сөзгө ким жеткен.
Байгамбарлар бары өткөн,
Наманген ылдый дайра өткөн.
Олуялар анда өткөн,
Эчен түрлүү чоң да өткөн,
Ойлоп турсак замана
Тегеренип көп жеткен.
Жер титиреп таш кулап,
Мындай заман бир өткөн.
Бирин-бири чабышып,
Эртесинде табышып,
Эчен мыкты эр өткөн.
Ошол өңдүү заманды
Окубай билген Калыгул
Таппадык мындай адамды.
Ушу келген заманды,
Көрбөй билген Калыгул,
Көрбөдүк мындай адамды.
Мурда көрүп билгендей,
Айткан кеби ар кандай
Келип турат карасак
Найзаменен сайгандай.

Маселенин бузугун
Билген экен Калыгул.
Айткан кеби как ушул
Эчен түрлүү кеби бар,
Кандай айтсак эби бар
Нечен кызык сөзү бар,
Тукумунун көзү бар.
Айткан кебин аңдабай,
Абай кылып тыңдабай,
Шылдың кылган дагы бар,
Оң бетинде калы бар,
Мындай адам элде жок,
Бул өңдөнгөн пенде жок.
Ушу кызык сөздөрдү
Айтып келген калакең.
Аныкаяр жан экен,
Баракелде билгенге,
Кубанышып күлгөнгө,
Ушунетип отуруп,
Акыры бизге келгенге.
Нуска кылып жазалы,
Калакеңдин ыры деп,
Түгөнгүсүз сыры деп
Байыркынын заманы
Заманынын жаманы.
Барысы айбан адамы,
Кеп билбеген наадаңы.

Билимден куру калганы,
Бирин серин калганы,
Ишинде калды арманы.
Оозун жаман карманды,
Ошол айткан сөздөрдүн
Бирин таппай калганы.
Билгендерден сурадым,
Минтип айтып курадым.
Тапкандардан сурадым,
Далайын элден курадым.
Далай күнү кууралым,
Таамай бирөө билбеди,
Таап айтып бербеди,
Тамаша кылып күлгөнү,
Миндин бири билгендей
Мындай кыйын сөз экен,
Ушуну ойлоп угузган,
Аяр адам өзү экен,
Кумдай ыры көп экен,
Куп келишкен кеп экен,
Жазып турган балдарга
Ошолорго эп экен.
Түгөнгүс ыр болгон,
Аягы кызык сыр болгон,
Жазуучуга эп болгон
Сан жыргалуу кеп болгон,
Ошо кезде кедейге

Салып койгон чеп болгон
Карап турсак ошонун
Салт санасы көп болгон.
Илгерки элдин баарына
Санжыргасы көп болгон,
Ормонхандын кашында
Тилдесе да болчу эмес,
Айткан сөзүн койчу эмес.
Андан бетер күчөгөн,
Кеп талашып турушуп,
Кээде кетет урушуп,
Замандын баары ал болду.
Калакеңин сөзүнө,
Кээ бир адам таң болду
Ушу кандай өзү деп
Ар бир түрлүү сөзү деп,
Жин ургандай кеп айтат,
Көрбөгөндү көп айтат.
Окуп келген эмедей,
Ою менен кеп айтат.
Укпаган сөздү көп айтат,
Уламадай кеп айтат,
Китеп көргөн эмедей,
Кийинкиден кеп айтат.
мурункуну таштады,
Кандай сөздү баштады.

Биади айран калтырат,
Оңсоңко кеп айтат,
Ою менен кеп айтат.
Оң мурутун тарашып,
Оң жагына карашып
Ондагы кепти айтат.
Иш жагына карашып,
Илгеркини таштады,
Эми кептен баштады.
Маселеси бул экен,
Башында жакшы кул экен,
Айткан сөзү эп экен,
Акыры ушундай кеп экен.
Азыр муну ойлонсок,
Адамга жакшы дем экен,
Кашындагы кан Ормон
Өзү кейрең эр экен,
Анда-санда Калыгул
Айтып турса болбогон,
Кыргызда кыйын чоң Ормон
Чочуган экен орустан,
Олтурганы дебедей
Атка минсе тередей
Оруска мунун белгисин
Калыгул айтып билгизген.
Кет алышып барышчу
Оруска кабар салышчу.

Элчилери бар экен,
Ушунун баарын эптеген,
Калнгулдун кеби экен.
Канча куну кела албай,
Аныk жакшы кеп албай,
Алыс жерде турчу экен.
Орус алат жериңди,
Сындырат сенин белиңди,
Калнгул айтып жүрчү экен.
Уга жүргүн кебиңди,
Таап коет эбиңди.
Ошондой кыйын душманың,
Ичинде калар бышманың,
Анда санда сөзүмдү,
Ачып жүргүн көзүңдү
Азапка салба өзүмдү,
Кулак салгын кебиме,
Куп келтирет эбиңди.
Малыңды айтып мактанба,
Көп казакка аттанба
Казактын малын аласың,
Как талаада каласың.
Орус келсе элиңди
Сындырбасын белиңди,
Арасында баатырым
Уга жүргүн кебимди.
Келип калса кокустан

Сактайсың сары талааны,
Солдатыкка бересиң,
Жакшы көргөн балаңы.
Багасың анда билбейсиң
Торпок менен танааны,
Ойлой жүргүн Ормон хан,
Так ушундай сананы.
Көрүп турам далайды
Көчүп жүрүп барарсың,
Анжиян менен Алайды
Уксаң айтам далайды.
Оюңа алып билип жүр,
Уруп жүргөн малайды
Көп кыйнаба кулуңду
Угуп жүргүн мунумду.
Кезек келип калбасын,
Кегин кокус албасын,
Бу замандын келерин
Билип жүргөн киши экен,
Оң колуна камчысын
Илип жүргөн киши экен.
Ойлоп туруп заманды
Көрүүчү экен жаманды
Жакшы менен жаманга,
Айтып жүргөн киши экен.
Адам акын көп жебей,
Кайтып жүргөн киши экен.
Орозо менен намазын

Сактайсың сары талааны,
Солдатыкка бересиң,
Жакшы көргөн балаңы.
Багасың анда билбейсиң
Торпок менен танааны,
Ойлой жүргүн Ормон хан,
Так ушундай сананы.
Көрүп турам далайды
Көчүп жүрүп барарсың,
Анжиян менен Алайды
Уксаң айтам далайды.
Оңа алып билип жүр,
Уруп жүргөн малайды
Көп кыйнаба кулуңду
Угуп жүргүн мунумду.
Кезек келип калбасын,
Кегин кокус албасын,
Бу замандын келерин
Билип жүргөн киши экен,
Оң колуна камчысын
Илип жүргөн киши экен.
Ойлоп туруп заманды
Көрүүчү экен жаманды
Жакшы менен жаманга,
Айтып жүргөн киши экен.
Адам акын көп жебей,
Кайтып жүргөн киши экен.
Орозо менен намазын

Окуп жүргөн киши экен.
Ошо тушта адамдын
Олуясы ушу экен.
Адамдын акын көп жебей
Конок күткөн жан экен.
Ормон менен жанаша
Ой ойлогон киши экен.
Малдын баарын жайлаган
Сарамжалдуу кул экен.
Түнүчүндө уктабай
Басып жүргөн жан экен.
Адам акын көп жебей
Качып жүргөн калакең
Ашак менен бозону
ичпей коюп ошону
Коркуп жүргөн калакең.
Түнүчүндө уктабай,
Жортуп жүргөн жан экен.
Түндө жатчу уйкудан
Кечип жүргөн жан экен.
Он беш жаштан карата
Ойноп жүргөн бала экен.
Ургачыга жолобой,
Чоң уяты бар экен.
Уят сөздү сүйлөбөй,
Ууудан ашкан жан экен.
Атышканда мерген кул,
Айтышканда чечен кул
Касиеттүү калыгул

Күрөшкөнүн жыгуучу,
Байгеден аты чыгуучу.
Айтканын адам угуучу.
Сөзү ширин киши эле,
Конок десе кош деген
мейманкана бош деген
Берип даам ич деген
Адеби артык жан экен.
Салтанаты бир далай
жет кылганы бир кудай,
Месели көп киши экен,
Жүрпөн бейли ушу экен.
Сүйлөгөнү месели
Айтышканда чечени
Кокондун жаны Кудаяр
Кайда барса бул даяр.
Элчи барган киши эле,
Ак калпактуу кыргызга,
Аты чыкты жылдызга,
Анжияндык мундузга.
Атагы кетти Алайга
Арбагы кетти далайга
Шаарга кирген кербенге
Акыл айтат келгенге
Арбагы кетти узакка
Албан дуулат казакка.
Калакендин сөзү ушул

Кылып өткөн иши бул
Жумшаган жок
Жалгыз кул.
Баласын малды бактырган
Көргөн киши жактырган
Адамдын акын жебеген,
Кишини жаман дебеген.
Ит агытып куш салып
Талаага чыгып баруучу
Нечен акыл ойлонуп
Көкүрөккө алуучу.
Көргөн жандын баарысы
Ажайыпка калуучу.
Эчен түрлүү бикирди,
Көкүрөккө ойлоду.
Калакендин сөзүнө
Уккан адам тойбоду.
Оң жагына күңгүрөп,
Ойлоп туруп кеп айткан,
Айткан кеби месели
Адам жетпейт эсеби.
Кумдай сөзү түгөнбөйт
Күнүндө түрлүү кеп айткан,
Ойлогула деп айткан.
Ошо кезде душунда
Айтып өттү ошондо
Ошо кездин адамы
Бири сөзүн билген жок.

Баары жаман адамдар
Баарысы жортуп койбогон.
Коо малына тойбогон,
Алып-алып койбогон.
Арам малга тойбогон,
Төрөгелди, Жантайды
Баарысынан мал тайды.
Кыргыздардын кыялы,
Кызык экен башынан
Ууру болгон жашынан
Ошол элдин ичинен
Жалгыз козу жебеген
Калыгул таза башынан
Ушундай өсту жашынан
Адамдын акын жебеген
Андай мындай дебеген
Сөзү ширин киши экен
Күлө багып сүйлөгөн,
Күңгүрөнүп күлбөгөн
Адамга жаман дебеген
Арам тамак жебеген
Аксакалды сыйлаган
Арбактарга ыйлаган
Атанын жакшы киши эле
Айткан кеби ушу эле
Кой семизин союучу,
Конок келсе тоюучу.
Тегерегү шай эле

Төрт түлүгү жай эле
Төрөгелди Ормондон
Ошондо да бай эле
Берекелүү киши эле
Качан бейли ушу эле
Көчү колдой чаңдаган
Көргөн киши таңданган
Адигине тагайдан
Аты чыкты далайдан
Үчүкө менен Түлкүдөн
Ылгылуу тууду түркүдөн
Ышу кетип туруучу
Ыйүндөгү мүлкүнөн.
Мааматкулу Цөөлөттөн
Баш тартканын жөөлөткөн,
Чечендиги бар эле
Ченден чыккан жан эле.
Кыргыз менен казакты
Кыйла тартты азапты,
Көзүн жуумуп сүйлөгөн
Көп адамды бийлеген
Олуядай киши эле
Айтканы кабыл келчү эле
Тыштан душман келгенде
Ыйде жатып билчү эле.
Төлгө салбай деп айткан
Төгүн эмес кеп айткан
Жоо келгенде алуучу

Төрегелди аттанса
Калнгулга баруучу
Бата берсе кетүүчү,
Батасын ал бербесе,
Кайта үйге баруучу

Батасын албай кеткенде,
Жолу болбой калуучу
Баарысн курдаш эл экен,
Баарысннан баатыры
Төрегелди эр экен.
Мындай болгон бир заман
Өтүп кетти карачы.
Эчен кийин болсоң да
Арт жагыңды саначы
Ушунетип отуруп,
Ал замандн болтуруп,
Дүнүйөнүн кызыгы
Жол элдин бузугу
Өтүп кетет кербендей,
Дүнүйө өтөт желгендей.
Ушинетип олтуруп
Жашын бүтүп толтуруп
Дүнүйөнүн жалганы
Кана бизге калганы.
Кылымдын баары болтуруп
Кыдырып бизге калгани.
Эзге келет бир кезек,

Жерге келет бир кезек,
Ушу кезде башыбыз,
Өтүп кетти жашыбыз
Журтта калган куу тезек,
Ойлоп турсак жарандар
Көкүрөккө кеп эсеп
Дүнүйө өтүп баратат,
Аттай желип солкулдап.
Эт жүрөгүм болкулдап,
Эстегенде бул өлүм,
Башка келет шум өлүм,
Ушу турган кара жер
Жан бүткөндүн баарын жээр.
Баарын тапкан Калыгул
Ушу кайдай адам дээр.
Айткан кебин аңдагын,
Калыгулдун сөздөрүн
Абай кылып тыңдагын,
Айткан сөзү табышмак,
Жээренчедей сүйлөгөн
Ошо кезде кыргызды
Жеке өзү бийлеген.
Кайратынан карасаң,
Жаныбекче дам болгон
Жанагы айткан сөздөрү
Жалпы журтка даң болгон.
Калыгулдун сөзүнө
Таң каласың эзүнө

Маликийдей кеп айткан,
Даанышмандай кеп айткан
малики менен даанышман
Аларга чыккан кеп душман.
Калакендин айтканы
Как ошого барабар,
Өзү күркүрөгөн кара нар
Күчү пилге барабар.
Кара чынын таласа,
Талаага баспай тартынар
Тоодака тойбос ак шумкар
Таранчыга талпынар,
Ойлосоңчу хан Ормон
Карап турсаң кан соргон.
Арты кайдан оңолгон
Кийин келчү кезекти
Ойлоп тапкан эсепти
Ушу кезди ойлосом,
Сен бир жаткан жаянсың,
Мындай ишти коесуң,
Дөөмөт кезек жеткенде
Сен ошондо коесуң.
Өкүм айткан сөзүңдү
Өзүңдү өйдө көтөрүп
Өйдө кылба өзүңдү.
Артн-кийнини ойлонуп,
Абайлагын сөзүңдү

Акыры башка келгенде
Кетмен алып ххх нан таппай
Бир сындырган нан таппай
Мындай болчу киши бар
Кийинкиге көзүң сал.
Эми жүрсүң дөө болуп,
Кийин калба жөө болуп,
Эки бетиң көө болуп
Элге батпай калбагын,
Бул эсиңде хан Ормон
Бул замандын жалганын
Айтканымды эсиңе ал
Кедейлерге көзүң сал
Дечүү экен Калыгул
Кийинкиге көз салгын,
Кийим чыгат бир заман
Кезге салып жерди алат
Жылкыдан тандап керди алат
Мен менсиген эрди алат
Биз өңдөнгөн адамдар
Ошондойдон кур калат.
Жылдан жылга замана
Кийин чыгат ошондо
Эсеп кылып мал алган
Тыйын чыгат ошондо
Адамга кулак тийишип
Тар заманды көрөбүз
Ошондой кийин кирилыш

39.

Бир заманда көребүз,
Аны көрбей экеебүз,
Бу заманда өлербүз
Көрүүчүлер көрүшет
Көрбегендүн баарысын,
минтип айтып беришет
Эки кылым өткөндө
Ошо заман кез келет
Миңдин бири сөзүмдү
Кулагына угушат
Ошо заман куралып
Бир бирине жугушат,
Андан кийин карасаң,
Дагы түрлүү иш келет
Аяк жагын ким билет
Андан кийин билимдүү
Атың чыгат деп уктум
Калктын баарын бийлеген
Катын чыгат деп уктум
Түрлүү ошондой акылдуу
Аяр чыгат деп уктум
Калайыктын бийлеген
Аял чыгат деп уктум,
Албан түрлүү ушундай
Заман чыгат деп уктум
Дүнүйөнүн жалганы.

Ушунетип отуруп,
Кийинкиге калганы.
Кийин чыккан адамы
илим билген амалдуу
Аяр болот деп уктум,
Кандай кылган жумушка
Даяр болот деп уктум.
Ошондогу адамдар
молдо болот деп уктум.
Минген аттын карасы,
Жорго болот ошонун
Жакшыларднн баарысы
жолдо болот ошонун
От араба дилгирем
Жол кыскарат ошондо
Этек-жеңи чолоюп
Тон кыскарат ошондо
Айттырбаса жедирбей
Аяр болот ошолор,
Жоо дегенде дегдеген,
Даяр болот ошолор.
Түнүчинде уктабас,
Баатыр болот ошолор
Бисмылданы айтбаган
Каапыр болот ошолор.
Жарды байы билинбей
Жакшы болот ошолор.

Айтылбастан сөз тапкан,
Бакшы болот ошолор.
Мына ушинтип куу заман
Тегеренип отурат.
Бу дүйнөнүн баарысын
Как ушинтип болтурат.
Кара жердин бетине
Аштык чыкпай жер калбайт
Атасынын сөзүнө
Бала кулак көп салбайт.
Атанын тилин бала албайт,
Андан артык биле албайт
Колундагы балдары
Жумшаганда тил албайт.
Мурунку өткөн заманды
Мына ушинтип койдурат,
Өлүп калган адамын
Ошо бойдон койдурат.
Кыйкырганы бел ашпай
Ын кыскаркан бир заман,
Кылса жумуш бүтпөгөн,
Күн кыскарган бир заман.
Кожо,молдо жоголуп,
Дин кыскарган бир заман
Орозо,намаз окубай,
Тил кыскарган бир заман.

Ошол жакшы биз жаман,
Өтүп барат бир заман.
Макул айтам баянын,
Байкап көрчү аягын.
Ичимдеги кебимин
Кайсы бирин аядым.
Айтсам сөзүм түгөнбөйт,
Ызык -көлдүн көлүндөй,
Барган сайын түгөнбөйт,
Кызарттын суук жээлиндей.
Биз жүргөн жер тар заман
Кийин келер зар заман
Кайгысыз киши карыбайт
Калп айткан киши жарыбайт.
Беш тогол өтпөй жай болбойт,
Бейли тар киши бай болбойт.
Көп болуп жылдыз ай болбойт
Көөнү тар адам бай болбойт.
Ошондой ишти эл билбейт
Калыгулдун ким тилдейт.
Ушу биздин заманда
Кара жандын аманда
Мейли менин жаманда.
Жамандасаң болбоймун,
Кийинки кызык заманда.
Айтмайынча тойбоймун.
Мейли жаман көрө бер

Деги айтбай койбоймун,
Оң жагында ишим бар
Ошолорду айткын деп
Оома салган кишим бар.
Байдын уулу Калыгул
Баштаганы мына бул
Сезүм калат өзүм жок,
Айтып турсам көңүл ток.
Ошо кезек бир кезде,
Айткан кебим иштешер
Ошондо мени эстешер.
Бир билип айталбай,
Толугу менен жат албай,
Кеңеш кылар баарысы
Эбин таап айталбай,
Ичиндеги карысы
Заман кыска кезинде
Табалбайт элдин баарысы.
Санжыраны деги жок
Жазып алган карысы.
Жалпы журттун баарысы
Ажайыпка калышар,
Андай эмес мындай деп
Бир биринен талашар.
Айран таңга калышар,
Өйде-ылдый кеп айтар

Өкүнүчтү көп айтар,
Угуп жүрүп тандым деп
мен унутуп калдым деп,
Өкүнүчтү болот баарысы
Ошондо кептин баарысын
Табалбай бириң каларсың
Кайыптан кабар келчү эле
Кайран сөздөн айрылдым,
Бири билбей калды деп,
Өзүм жаман кайгырдым,
Биринин тилин бири албай
Же өзү таап биле албай,
Өлгөндүн тилин тири албай
Улкөндүн тилин кичи албай,
Же жандан өзү кече албай,
Же тамак таап иче албай.
Каршы турат кеп айтып,
Капалуу сөздү көп айтып,
Капа кылат жаманы
Кара жандын аманы,
Катын кыздын заманы,
Кандай амал таап алды
Бу дүйнөнүн жалганы.
Мунун баары карасак
илгеркиден калганы.
Кийинки балалар күчөдү,
Бизден өттү үч эли.

Ырээн болдук балдарга
Акылн артык сардалга,
Зардап кайнап жүрегү,
Күнде күчеп жүредү.
Бу балдардн көргенде
Кубат кинлып турабыя,
Миндан өйде болсо деп
Кудайдан чиндап сурайбча.
Кээ балдардн көрсек,
Асман да жүрет алнышп
Ат мингендей жарнып,
Ушу жекшн замандн
Баарн окуучу мунумду
Ылим менен билимди
Издеп жүрет баарнсн
Ичинде жок карнсн
Бул өнерүм карачн
Даштын баарн жараштн,
Муну көрген душманн
Акылнан адаштн.
Ошо жүрген жаш балдар
Чапкан жолду таанштн,
Баарн болду билимдүү
Далайдан артык билимдүү
Сталиндин тушунда,
Ырдап чикти ушунда.
Капа-кайгн жок болду,
Карнибиз ток болду.

Калакеңдин бул сөзү,
Кандай экен ал өзү,
Канча жыл кетти арадан
Алы күнчө кутулбайт
Бай манаптын жаладан
Андай акын чыккан жок
Калыгулдун баладан
Оозунда сөздүн кени бар,
Эчен сонун кеби бар
Канча мактап айтса да
Калыгулдун эби бар.
Баштадан көп айткан
Балдарым уккун деп айткан
Кийин келет бир заман
Билбей калат кээ наадан
Арманда болот сөзүмө
Ачып калат көзүңө
Насаат-акыл бу кебим
Кокус тапбай каласың
Баласынын баласы
Акидейге кеп айткан
Аман болсо көрөсүң,
Арманда болуп өлөсүң,
Ал өңдөнгөн заман жок
Көрүп өлсөк арман жок.
Көрбөй калдык нетебиз,
Өтүп кеткен жаандай

Ага кантип жетебиз,
Ажал өлүм жакалап,
Бизге келди бир кезек
Эми биздин башыбыз
Журтта калган ку тезек.
Кезектүүлөр көрүүчү
Арманда болуп өлүүчү,
Андайды ким көрүүчү
Ойлоп карап отурсам
Кийинкилер көрүүчү
Кийин келер бир заман
Көрбөй калдык биз жаман
Дүнүйөнүн баарысн
Эмгек кылсаң табылат
Абийирдиз жабылат
Акылы бар жаш балдар
Как ошого камынат.
Карылар айтат арманын
Жаштар таап кармадың
Акылыңа ыракмат
Алтын таап кармадың.
Барекелде илимиң
Алтын тапкан билимиң
Окуп карап отурсаң,
Өлүмгө амал тапкыдай
Таппай жүрөт амалын

Табатко деп ойлойбуз
Ажал өлүм арасын
Илгеркини карасаң,
Жаманын жакшы тилдеген
Жакшы илимди билбеген
Айбандыгы ушундай
Арасында Калыгул
Ойлаган көздүн жашындай
Калыгулда арман жок
Айтпаган кеби калган жок
Ошондогу адамдар
Бир кулака салган жок.
Кайран кептин баарысы
Кеткен экен талаага
Эмки жүргөн карылар
Ар неме бар санаада
Кайгырып жүрөт талаада.
Же балдардын сырын биле албай,
Жа сөзүнө кошо кире албай
Армандуу адам бир далай,
Эмдигинин заманы
Куруп калган карылар
Кара жандын аманы
Эмки жүргөн карылар
Бары жаман наадany.
Макал сөздүн барысы
Калыгул менен кетиптир
Атасынан баласы

49.

Жакал сурап кеп айтса,
Бирее таап айта албай
Кемалып турет бир далай.
Жалыҥгаҥы бир кудай
Акыл таап бере албай
Оозун жаман карыҥды.,
Как ушундай армандуу.
Бу дүйнөнүн жалганы
Илгеркинин балбаны
Күрөшкөнүн кеп айтат,
Мындан бөлөк нени айтат.
Ачтым эле уйкуну
Бактым эле жылкыны,
Ушуну айткан болушат
Олону менен күлүшөт,
Бу замандын келерин
Билбей калдым деп айтат.
Мындан бөлөк кеби жок,
Балдарга батбайт эби жок.
Бала экенде жүрдүм деп,
Далай доор сүрдүм деп,
Ободон булут уюса,
Үстүндөн жамгыр куюлса,
Үйдү көздөй каччу элек
Акылдан жаман шашчу элек.
Эрмек кылып кеп айтат,
Мындан бөлөк кеби жок,

Жамандыгы белүнүп,
Минтип көзге көрүнүп
Лайкалык шибер чыкпаса,
Сайраган булбул укпаса
Жайда болсо кышка тең,
Үстүңдөн жамгыр куюлса,
Үй да [illegible] болсо тышка тең.
Дыйкандын көөнү жай болду,
Көңүлү өсүп бай болду,
Жалкоого жаман иш болду,
Үй таба албай мыш болду,
Эрингендин баарысы,
Мындай ишке туш болду.
Бу заманда жаш балдар
Илим окуп билимдүү
Бир кыш окуп кат билди,
Аялдабай бат билди.
Баракелде бул заман,
Мурун өттү куу заман,
Малын жутка алдырып,
Жарды болду далайын,
Ошол адам кандайын
Сарамжалын билбеген,
Дыйканчылык кылбаган,
Кыш келерин билбеген.
Кимындай акыл жок болгон,
Айтып карап отурсак,

Макул кепке токтолгон,
Макул менен акылдуу
Эки сөзү жарышкан
Өмгегин таап алышкан,
Меселе менен көзөлдү,
Ошол экөө жарышкан
Көзөл калды артында
Месел чыкты жарыштан.
Ыр сөзүнө кошулган
Көзбл жетпей созулган
Көзөлдүн пикир акылы
Алдап мындан өтсөм деп,
Амал менен жетсем деп
Тилегине жетпеген,
Көргөн адам жектеген
Көзөл түбү мыш болот,
Бир балаага туш болот,
Меселе жүрүп ыр болот,
Көзөлдүн түбү чыр болот.
Макал жетет акылга
Акыл жетет билимге,
Билим жетет илимге.
Илимдин түбү алпарат,
Түгөнбөгөн казына,
Алтын менен күмүшкө
Алып барат бул ишке

52.

Жаман ишке киришпе,
Акылы бар боз бала
Алаң ишти козголо,
Акылдууга дос бала,
Акылсызга жолобо,
Жолугасың тайгакка,
Тайгаланып жыгылба.
Кудайга үнүң угулба
Жаман иштен качып өт
Жакшылыкка жетесиң,
Кокусунан жаманга
Жолукпагын нааданга
Арманда болуп кетесиң,
Аманат жандан кечесиң,
Жакшы кепке шашпагын
Сабырлык менен барасың.
Акыры түбү ошондон
Жакшылыкты көрөсүң.
Жамандан кокус өлөсүң,
Эч ойлобо жалганың,
Бул илгертен калганын
Эмки жакшы биз жаман
Өтүп кеткен бир заман
Бу дүйнө шум жалган.
Илгертеден бул калган,
Эчен түрлүү адамдар
Минтип өттү наадандар

Эмки биздин жаш балдар
Күлүк болду чапканы
Күмүш болду тапканы,
Барданке болду атканы.
Баркут болду жатты (кайи) ?
Кастум шым болду кийгени,
Кереги мына тийгени,
Жумуш десе тартынбайт
Нуска болуп баратат
мурункунун иштери
кыска болуп баратат,
Баракелде жаш балдар
Ар өнөргө маш балдар.
Арманда болдук биз чалдар,
Бир күн чыгар жаныбыз
мүшкүл болду алыбыз,
Ушул айткан макалды
Кулагыңа салыңыз.
Биздин ушу кебибиз,
Өлө турган чегибиз.
Сөзүм калып өзүм жок
Бир күн көчүп кетебиз.
Ажал чукул келген соң,
Кетпегенде нетебиз,
Карылык келди башыма
Толуп келган жашыма,
Калакемин сөзүнө

+ Ар кимден сурап курадым
Кэзин таппай турамын,
Мээ айланган кезинде,
Жакшы ширин сөзүме
Же мурунтадан билбедим
Манасты айтып алышып,
Ар ким менен жарышып,
Абайлабай калыпмын,
Семетейди дагы айтып,
Делай элди көргөмүн,
Абайлабай жүргөмүн,
Мындай кызык болорун,
Мурунтадан билбедим.
Быйыл жаңы киргемин,
Кызык экен карасам,
Ар кимден барып сурасам,
Кэзи билип кеп айтат,
Кызык эле деп айтат,
Туура билген киши жок,
Мындай менен иши жок.
Эмки балдар кеп сурайт,
Кызык экен деп сурайт.
Кантип айтам кызыгын,
Илгеркинин бузугун,
Билбей өткөн баарысы
Жалпы залим киши экен,

Баары ушундай иш экен,
Өмүр кетти арманда
Ушу кайран өнөрдүн
Бирин билбей калганга
Бу замандын кариси
мурункунун баарысы
илим билим билбестен
Арманда кетип калышты
Бул замандын тушунда
Алтын менен күмүштүн
Баары чыкты ушунда,
Аны менен тек турбай
Берген экен бир кудай.
Мазар чыкты бир жерден
Каш ушундай тар жерден
Бу балдардын ырысы
ичи жакшы жылысын
Кудай берген кезегин
Билип турат эсебин
муну көрүп турган соң
мен садага кетемин,
Баракелди балдарга
жумуштан кечпейт жалтаныш,
илимине таң калып,
Алтайга жетпей баарысы
Билим билип калышты
Айтып турам ушунда,

Баракелде Сталин,

Ушул ишке жеткирген

Артн жагнн ойлосом

Мындан кыйын өткөргөн

Окуучунун баарысы,

Ушу сөзду аткарды

Бай жардыны билгизбей,

Баарыбызды куткарды

Жалпы кедей дыйкандар

Карындары ток болду

Кайгылары жок болду.

Ок атар пенде калган жок

Ол ишинде арман жок

Калакеңдин сөзү ушул

Көгүчкөн учар жем чыкса

Көк тулпар чуркар тер чыкса

Көрүктүн оту тутанбайт

Күн жагынан жел чыкса,

Көч жүрө албай токтолот

Көз учкан бийик бел чыкса.

Көңүлү тынар көпчүлүк

Көзгө токтор эл чыкса

Этеги жок, жеңи кийим чыгар,

Эң кийинки баласы кыйын чыгар,

Акча кагаз бул болуп тыйын чыгар,

Атасынан баласы кыйын чыгар.

Күндө кеңеш бир жакшы жыйын чыгар

Андай өңдү бир заман кийин чыгар

Этек жеңи чолтоюп чапан ыңгар,
Эң кийинки баласы тапан ыңгар.
Атты мээнет ырмаса,
Аягынан басыннар
Байды мээнет ырмаса
Ашканага жашыннар.
Төөнү мейнет ырмаса,
Котур болуп кашыннар.
Тузду мээнет ырмаса,
Далкы ыгып шор болот,
Манапты мээнет ырмаса
Түбү менен кор болот.
Баланы мээнет ырмаса,
Сарыкарт ыгып таз болот,
Келинди мээнет ырмаса
Кайненеси кас болот.
Мээнет кетпейт бечелден,
Сөз кутулбайт чеченден.
Теректин түбү тыт болот,
Жаман адам кыт болот,
Жамандың баары таарынчак
Ар бир ишке корунчаак
Акылы бар азамат,
Ар бир сөзгө казанат.
Алтынды соксоң нуз болот
Аягында нуз болот,
Күмүштү соксоң нуз болот,
Алтын сары жез сары

Коло сарн миз сары.
Баарнсинын мисалы,
Аягында билинет.
Алтын көзгө көрүнөт,
Ажырашып бөлүнөт,
Кумуштөн ээр ак кабак
Атка тынчы жок болсо
Кумушун алып откө жак.
Куйөр туугандың болбосо,
Кулө суйлөп жатка жак.
Алтындуу ээр ак кабак,
Атка тынчы жок болсо,
Алтынын алып отко жак,
Акылдуу тууган болбосо,
акырын суйлөп жатка жак.
Алгыр болсо тайгандың,
Алтындан таап каркы так
Ала албаса андайдн
Айлансын аштан башка чап.
Кулук болсо тайгандың,
Кумуштөн таап каркы так,
Куйүп кетсең жаманго,
Куйүп жүрбөй башка чап.
Алтын моор ай мончок,
Адамга кайдан табылат,
Алганың жаман болгон соң,
Абийириң кайдан жабылат.

Кумуш меөр күн мончок,
Жарашабы бир жатса,
Жакшы ургаачы эр эркек
Адашабы түн катса,
Жаман катын белгиси,
Соксондой басып соку издейт,
Согончоктон ит тиштейт.
Беласын төргө чычырат,
Белтек ме деп чакырат.
Балтеги үйгө кирбесе,
Суску менен башка бир чабат.
Ырысы качкан жигитке,
Ошону менен аш куят,
Жаман катын белгиси,
Калдырак болот териси,
Карып болот эриси
Талаага кетет талпактап,
Табагы жатат шалтактап.
Айылга кетет талпактап,
Аягы жатат шалпактап.
Жакшы катын белгиси,
Булгары болот териси.
Мырза болот эриси,
Ошол элдин ырысы.
Иши минтип жылышын,
Баарын ойлоп карасан,
Бул кудайдын кылышын.

Аваскер жакшы, кан жакшы,
Катын жакшы эр жакшы,
Жаман катын белгиси,
Баладай камыр жуурат,
Балдарнынн заманасын куурат.
Жакшы катын белгиси,
Алмадай камыр аш кылат,
Аяк эрин баш кылат,
Эки нанды эптеген
Кызмат кылып эринин
Мандайынан кетпеген.
Үзүлгөнүн улаган,
Жыгылганды жөлөгөн,
Айрылганды эптеген,
Кафынан фаак кетпеген,
Ага мактанып киши жетпеген,
Андай адам табылбайт,
Жаман аял баш кошсо,
Абийриң жабылбайт,
Уй бул болор,
Кул бий болор,
Токой токол болор,
Токол байбиче болор.
Кийин ушундай жакшы
Заман келер,
Аяк адам баш болор,
Баш адамдар таш болор.

Ушундай кызык иш болор.
Кедей менен дыйкандар
Сыймык деген куш конор.
Эр адамдын жаманы
Жүрүшүнөн кул болор,
Ургаачынын жаманы
Кыялынан тул болор.
Акылдуунун айтканы,
Абайласаң бул болор.
Там бир жылы көбөйөр,
Дарак бир жерде көгөрөр.
Каркыра катары менен жүрөр,
Кадырын билген киши билер,
Унчукпагандан унчукпаган жакшырак
Унчукпагандын башына тиер таяк
Акыл макал экөө бирдей келер
Ал экөөнүн айтканы күндөй тиер,
Билбеген наадандардын ичи күйөр
Билген адам ошону,
Байым кылаар.
Көкүрөккө ойлонуп,
Дайын кылаар
Билбегендер ошону
Айың кылаар
Карагай сөксөөл экөөбү,
Көп катышкан деди эле

Аягында ал экее
Жоо болушкан
Кийин жагы арыыгыс
Доо болушкан
Арасына табылгы
Элчи болгон
Жараштырып ала албай
Уят болгон
Уялгандан табылгы
Кызыл болгон
Корккондунан карагай
Узун болгон
Түрлүг заман ушинтип
Өтүп кеткен
Тегеренип шум дүйнө
Бизге жеткен
Ойлоп карап отурсак
Эзен өткен
Калыгулдун макалы
Мындай болгон
Түгөнбөгөн кеби бар
Кумдай болгон
Куюлушуп айтканда
Келе берет
Уккан адам кубанып
Күлө берет

Акылдуулар ойлонуп
Биле берет
Эчен түрлүү акыл бар
Билип турган
Тегирмендей күүлөнүп
Жүрүп турган
Эчен түрлүү сөзү бар
Албан түрлүү
Ошо сөзүн ойлонуп
Өзү билди
Билбегендер азайып
Өзү күлдү
Кийинкинин баарысын
Ойлоп келди
Айткан сөзүн ойлосок
Эми келди
Сүйлөп берет ошондо
Асман жерди
Ойлоп турсак айтканы
Азыр келди
Бул замандын болжорун
Мурун билген
Акылы жок ойлобой
Жүрө берген
Бала менен аялдын
Баары айткан
Кыла турган күнөөдөн

Өзү кайткан

Баракелде Жалнгул билимице,

Окубастан сүйлөгөн илимице

Мурун окуп билгендей

Сүйлөп жүрдүң

Төрөгелди Ормонду

Бийлеп жүрдүң

Акыл менен чоңдордун

Баарын билген

Айткан сөзү көргөндөй

Анык келген

Көрүп жүргөн эмедей,

Туура келген

Душманынын баарынын

Ичи күйгөн

Ормон хандын кашында

Олуядай

Агткан кеби толкундуу

Дарыядай

Жаз кезинде сүйлөөчү

Карнядай

Жаш да болсо бир үлкөн

Карнясың

Көше жүрчү бир

Үлкөн дарнясың.

Сарбагыштар сурачу Калнгул

Оң мурутун таранып

Таап берген
Оң жагына каранып.
Айтып берген
Айтканы Калыгулдун
Кабыл келген.
Ошон үчүн биздерге
Туура келген
Эмдиге адам табалбай
Айта берген
Сурап жүрүп тапбадым.
Ушул элдин
Билгендери жок экен,
Карап турсам
Айран болдум таба албай
Акыл курсам
Анда санда бирөө
Айтат мындай дешип.
Кээ бирөө таба албай
Алышып кетип
Эптеп карап отурдук,
мына минтип.
Бир адамдан
Алтымыш уул тараса,
Ар кимиси ар бир
ишке жараса,
Он беши дилде кылыч байланса
Он беши кан алдында сайраса
Он беши аштык эгин айдаса,

Он баши терге кечүп жайласа,
Ошонун ар кимиси арбаса
Ол адам арманы бу дүйнеге
Не болорун билбейбиз о дүйнеде
Өтүгүң тар болгон соң,
Байлыгыңда не пайда
Катын жаман болгон соң,
Жүргөнүңдө не пайда.
Атка чана болгон соң,
Аштан ,тойдон калган соң,
Күлүк болуп не пайда.
Катын жаман болгон соң,
Ар деп беттен алган соң
Сулуу болуп не пайда.
Бу дүнүйө шум жалган
Шум жалганда ким калган,
Ушунетип отуруп,
Мурдагыдан ким калган.
Нечен түрлүү аярлар
Канча кыйын олуялар
Ошонун баары тим калар,
Асан кайгы олуя
нечен түрлүү сөздөрдүн
Аягын билген дарыя.
Алардан калган дүнүйө,
Аягы мындай болорун
Ушул заман келерин
Айтып ыйлап жыйнаган

Жаныбек хандын тушунда,
Жейренченин кашында
Айтса тилин албаган
Аягында жейренче
Оозун далай кермаган
Баары жогун чогултуп,
Алдеркесее алдаган
Айтар ишин кемдаган
Далайды алдап таштаган
Алар етту бир кафар
Бу дүйнеде минетип,
Аяк жагы келе атар
Акыр заман жакындап
Буурусундай такымдап,
Билгенинин баарысын
Калакең айтты кекылдап
Кадырымды билбеди,
Тушумдагы аксакал,
Кагып мени тилдеди.
Кадырым билчүү бир жан жок
Кара кычуу коргон жок
Ошондо да Калыгул
Айтпай кебин койгон жок
Бу сөзүмдө арман жок
Укпай киши калган жок,
Качан болсо кеп айттым
Катын менен балага

Канча сайрап мен айттым,
Бул айтканда жалган жок
Бир кулакка алган жок
Балдарымдын баарына
Улуу-кичүү карыга
Эч билбеди баарысы
Сөздүн артык сарасы
Баарына айтып угуздум
Угузсам да билбеди.
Өлүп кайтып келгенсип
Мурун окуп билгенсип,
Баары жүрдү жектешип
Ушу кандай кеп дешип,
Бет алдында жумушту
Кылып өттү бул ишти
Баарынын калды арманы
Менин айткан сөзүмдү
Кандай адам кармады.
Эмкиси калды армандуу
Учуп кеткен куюнга
Кууп кантип жетебиз,
Муну үйрөнүп нетебиз.
Мин ургандай кеп айткан,
Көрбөгөндү кеп айткан
Кулагына албады
Уулунун калды арманы.

Ушул айткан сөзүмдү
Кайызынзы кармады.
Кереметтүү сөзүмүн
Баарын ойлоп тапбады
Ушу заман келгенде
Арбагыңды мактады
Кана бирээң ойлонуп
Биз өңдөнүп тапканы,
Кайыптан кабар келгендей
Билгенимди айткамын
Как ушинтип өмүрүм
Бу дүйнөдөн кайткамын.
Өзүмдүн да арманым
Ошол айткан сөзүмдүн
Ков чагыма калганын.
Билип калсын деп айттым,
Кийинкиге көп айттым
Бир да бирөө билбеди
Кийинкинин баарысы
Ушуну айткан ким деди
Эки катар киши өттү
Эчен сонун иш өттү
Ушу жакшы заманга
Кийиндык менен жетишти
илим билген адамдар
мурун өткөн замандар
Билбей калды жамандар

Акылдуулар камынаар
Илим элге жабылар
Билимдүүлөр билишер
Кылган иши байкалып
Билбегендер күлүшөр
Мурунтадан бу заман
Оролуп башта келген жок
Ушу келген заманды
Олуяда билген жок
Текши келген заманды
Канетели ойлодук
Илгерки өткөн наадандан
Эми бул өңдөнгөн заман жок
Ушу кезде балдардын
Эч армане калган жок
Бейишке тирүү киргендей
Баары жогун Калыгул
Мурун окуп билгендей
Кантип билген Калыгул
Касиети мынабул
Акылга толгон жан экен
Касиети бар экен,
Баракелди Калакең
Ушу чыккан балдардын
Карап тургун ырысын
Ошол айткан кебиме
Балдардын ичи жылысын,

Кары дебей жаш дебей
Катын дебей кыз дебей,
Бары айтып мактасын
илгеркинин нускасын
Тугетбейлу кыскасын
Билген адам учтасын
Билбегени таштасын
Жакшы болсо ырдасын
Ырга кошуп жыргасын
Жаман корген адамдар
Андан бетер куурасын.
Ушу заман кең келди
Баарыбызга тең келди
Баракелди билгенге
Ушу заман келгенде
журогубуз жарылды
Жакшы заман табылды.
Баракелде озуне
Ушу келген сөзуне
Карл маркс тушунда
Билген экен ушунда
Андан кабар билгенби
Же айтып бирөө келгенби.
Эч убайын корбеду,
Какшап журуп олгону.
Барбы сөздун жалганы,
Калыгулдан калганы
Эчким анда билген жок

Ал өндөнгөн бенде жок,
Маркс жактан келген жок,
Баарын карап отурсак,
Ошолордун сөзүндөй
Эчбир адам айткан жок
те окуп келген молдо жок.
Андай адам элде жок.
Ал катарлуу киши жок.
Аягы мындай замандын
Артын билген киши жок.
Ошо кезде адамдын
Оозун жаман карманды
Ормону баштап армандуу
Ал заманды ойлосок,
Энгельс менен маркстин
Как ошонун иши экен,
Калнгулду карасак
Кабар алган эмедей,
Касиеттүү киши экен.
никалайдын тушунда
маркс менен Энгельс
Каршы турган ушунда.
Касиетин биле албай
Кай бир адам көрө албай
Арманда болдук ошондо
Алда кеткен жалгандан
Бул дүнүйө [illegible]м жалган

Бул дүйнөдө ким калган,
Казиеттүү адамдын
Караанын көрбөй кур калган.
Андан кийин ленин
Артык деп аны билемин,
Бул заманга аралаш,
Алда бизге каралаш
жакын жерден чыгыптыр
жалпы адам угуптур,
Александр Никалай,
Алтын туусун жыгыптыр.
Кара калпак түркмөнүн
Казак кыргыз бүткөнүн,
Как ошондо угуптур.
Обун таппай турушуп
чала-була угушуп,
Акылынан шашыптыр.
жарагы жок байкуштар
Китайга кире качыптыр.
калгандары билиптир,
Китайдан барып жай таппай,
Кайта качып келиптир.
Качканы кайтып келиптир,
Билбеген адам курусун
Илгерки өткөн адамга
Кантип ичиң жылысын.
Сталиндин тууунда
ырысыбыз бар экен

Кайтып келдик ушунда
Билбестиги курусун.
Кытайга качып кырылып,
Беш алты жыл сүрүлүп,
Никалайдай зулумдун
Аскерине катылып
Кытайга барып сатылып
Кыйла кыйын сөз болуп
Кыямат кайым болгончо
Түгөнгүсүз ыр болуп
Мандайында шор болуп
Кытайга барып кор болуп
Кыйла киши жете албай
Кайтып элге кете албай
Калды ошондо токтонуп
Далайы калды ошондо,
Табылганын кошолу
Кытайдын шаарын көргөндбүз
Тамак таппай ал жерден
Далайыбыз өлгөнбүз.
Тентип жүрүп келгенбиз,
Лениндин пайдасын
Кайтып келип көргөнбүз.
Маркс менен Энгельс
Касиетин билебиз.
Нечен заман көргөнбүз,
Далай жерди кыдырып

Анан кайтып келгенбиз,
Лениндин кабарын
Угуп келдик кытайдан
Жардам тилеп бу жайдан
Өлгөнүнөн калганы
Эч калган жок арманы
Өзүнүн жерин көргөнү
Тентип жүрүп өлгөнү
Эстен чыкты тоюнуп
Кадимкидей чоюлуп
Лениндин жардамын
Тентигендер алганы
Эч калган жок арманы
Кытайдан кайра келгенде,
Алдыбыз тосуп мал берди
Атка жүктөп нан берди.
Жерибизге келгенде
Арабалап дан берди
Союп жээр кой берди
Эмне иштесек өзүбүз
Ыбузча кое берди.
Тукум кыл деп уй берди
Кадимкидей семирип,
Андан бетер ээлигип,
Кийим берди жаңыртып,
Баарыбызды жабылтып,
Адам кылды Ленин

Жардамчысы Сталин
Кызматын артык билемин
Өшонетип олтуруп
Көңүлдү артык толтуруп
Көңүлдү жай кылды
Өзүнө карап калганда
Баары дамды бай кылды
Жыйырма төртүнчү жылында
Кайран киши өттү деп
Кабарын уктук далайын
Каруу кетти шалдайып
Атабыз өлгөн эмедей,
Акыр заман иш болду
Капа болуп кайгырдык
Акыл-эстен айрылдык.
Кандай оокат болот деп
Кандай заман келет деп
Далай адам кайгырып,
Акылдан калды айрылып,
Коркуп жүрүп далайга
Жалынып жүрдүк кудайга
Ырысыбыз бар экен
Сталин менен Калинин
Жолун артык жүргүздү
Жоргону дагы мингизди
Калинин менен Сталин
Билген экен жолдоштор
Лениндин уставын

Эр Сталин жүргүзді
Мурункудан калтырбай
Андан артык көргөздү
Сталин маршал эр экен
мурдагыдан кемитпей
Артыгыраак өткөрдү.
Баарына илим билгизди
Пайдасын минтип тийгизди
Бачайы менен манатты,
Көрсөттү бизге санатты.
Бай менен мыкты манапты
Бакырларга талатты.
Көрсөттү бизге санатты
Ушу жашка келгенче
Угуп көргөн иш эмес,
Мындай үзүр көргөздү,
Түшүндө жатып көрбөсө
Өңүндө мындай көргөн жок
Бул өңдөнгөн бенде жок
мурун кийин келгөн жок
Мындайды киши көргөн жок,
Уламалуу карыдан
илгеркинин барынан
Угуп билип сурасак
Мындай доор келген жок
Мындайды адам билген жок
Тирүү кирдик бейишке

Никалайдын тушунда
Салды далай кейишке.
Андан аркы адамдар
Андан жаман куруган
Ал өңдөнгөн зулумдан
Жумушчу менен дыйкандын
Сууруп алды Сталин
Мен-менсиген бектердин
Капкандай белин бүктөдү.
Жалаң биздин эл эмес,
Аты чыкты алыска,
Абайласакк калыска,
Мындай адам табылбайт
Ушу кезде карасак,
Урум менен Кырымга
Ушунча элдин баарына
Сүрөтүн көрүп сүйүндүк,
Андан бетер сыйындык
Аты кетти Алайга
Сталиндей көсөмдүн
Даңкы кетти далайга.
Казак менен кыргызга
Улуу Сталин көсөмдүн
Арбагы чыкты жылдызга
ырчынын баарын карасаң,
Сталин деп адашып
Баары ушинтип чыгышып

Бийчинин баары бийлешип
Сталин эр маршалды
Баары мактап сүйлешип
Душмандын баары шекинди.
Сталиң деп укканда
Көбү качып бекинди
Кейкапка качып жоголду
Көргөндүн баары оңолду
Кандай душман соболду.
Душмандын баары жок
Ушунча калктын ичинде
Советтин иши оңолду
Абийри артык жабылды
Алтындын кени табылды.
Күмүштүн кени чачылды.
Казына оозу ачылды

Жетим менен жесирге
Жере берди аябай
Эсеби жок сынабай
Жетимдин баарын чоң кылды.
Жылдызына оң кылды
Кийгенин алтын тон кылды
Калктын баарын кайрады.
Жанаптын багын байлады.
Баарысын жумак айдады
Жумушчу менен дыйканды
Ушинтеп көңүл жайлады.

Мына ушинтип тең болдук,
Кай жеринен кем болдук.
Жыргалы мындан күч болду
Алтынга колу үч толду,
Кедей дийкан эл болду
Жумуш десе жатпады
Алтын күмүш тапканы
Күндүз кылат кызматты
Кызметин жакшы узатты
Күүгүмдө келип жыргашып,
Билген айтып колхозчу
Шаттанып жүрөт ырдашып,
Уйкусу канык болушуп,
Курсагы нанга толушуп,
Илгеркисин санашып
Чуулдашып ырдашып
Жумушка чыгат чуулдап,
Кызылдан желек көтөрүп
Баары басат чуулдап.
Ырастап атын токушуп,
Школдон балдар окушуп,
Сталинди ата деп
Ата берди бана деп
Ата дешип ырдашып
Окуусуну карасаң
Андан бетер жыргашып
Байке дешип ырдашып

Жаш балдарды карасаң
Баарысы жүрөт жыргашып,
Аскердей баары буркурап,
Ырдап жүрөт чуркурап,
Каркырадай катарлап
Баары бирдей тең барып
Аны көргөн душманды
Көкүрөгүн дем басып,
Атасын билген бала жок
Бул айтканда чала жок,
Энесин билген кызы жок,
Эч Калыгул айткандай
Эчтеме менен иши жок.
Түнү жарык түш болдуп,
Орундары киш болуп
Мына ушуну көргөндө
Душмандын бары мыш болду.
Ок атар киши калган жок,
Ол ишинде арман жок,
Ушу жалган дүйнөдө
Мындайды киши көргөн жок.
Мындай доор сүргөн жок.
Улуу, кичүү карыга
Уламанын баарына
Көрмөк түгүл мындайды
Уктум деген киши жок.
Сталиндей пенде жок
Мындай адам элде жок

Калгулдун айтканы
Ушубу деп болжойбуз,
Кай ара кылчу киши жок,
Ушул жүргөн адамдар
Кандар менен иши жок.
Ушу жүргөн турмушта
Капа болгон киши жок.
Байлыкты билген киши жок,
Карап турсаң ушунда
Падыша менен иши жок
Байлык турат өзүндө,
Байкап көрдүк сөзүмдү,
Өз эмгеги бай экен
Көңүлү мындан жай экен.
Сталин артык жан экен.
Өз эмгегин алган соң,
Ошол өзү жан экен.
Баары жогун ортого
Салып коюп жыйышып,
Курсагы мына аскан жок,
Карап турсаң колхоздун
Кубаты минтип качкан жок.
Карыңдары ачкан жок,
Жумушчу менен дыйкандар
Карындары ачкан жок.
Кайраты минтип качкан жок,
Колхоз болгон адамдар

Кайраты кайра күчөдү,
Эски адамдан карасак
Артык жүрөт үч эли.
Жыл-жыл сайын кайраты
Ашып барат айбаты.
Касиеттүү Сталин
Бирин койбой үйрөттү
Как ушинтип уставын
Бары катынтең болду.
Касиеттүү Сталин
Кадырыңды ким билди.
Как эле ушу эл билди.
жердин жүзүн аштырдың,
Баарына эгин чачтырдың,
Калың колхоз элиңе,
казынаны таптырдың.
Карысын артык бактырдың
Барысы адам балдары
Барбы сөздүн жалганы,
Касиеттүү Сталин,
Сен билбеген ким калды,
Япон душман тим калды,
Ар тарабың кеп кылды,
Ар кайсы душман кеп кылды,
Аны көргөн пашалар
Өз жанынан шек кылды.
Никалайдай болом деп
Мен да ушинтип калам деп,

Өз жанынан шек кылды.
Баарысы коркуп кеп кылды,
Бул ишинде жалган жок,
Энди бизде арман жок.
Бу жалганчы дүйнеде
Сендей адам табылбайт,
Далай заман өтүптүр,
Кимиси сага жетиптир.
Кашында бар Молотов,
Темир коргон дарбаза
Ал душманга каргаша,
Ырысыңа жараша
Ал да чыкты ашаңа
Ворошилов иниңиз.
Андан баша кимибиз,
Көбүн билбей калабыз
Катасы болсо сөзүмдө
Капа болуп калбаңар,
Ушул айткан сөзүмдү,
Акылдуулар аңдаңар,
Жаңылбаган жазбаган
Жаман ишке баспаган,
Жалгыз эле Сталин
Андан башка адамдар,
Жаңылышып кеп калар.
Ката болсо сөзүмдө
Карылыктан көрпүлө.

Абыдан карап билгиле,
Калнгулдун сөзү деп
Аягы ушул экен деп
Жазбай койсок бекер деп,
Акыл ойлоп таба албай
Андадык сөздү бир далай
Туман кайнып, жел закым
Карылык келди башыма.
Ажал өлүм жап жакын,
Ак сакалы Калинин,
Арбагың артык белгилүү
Бу төртөөндүн тушунда
Кудайга тобо кылабыз,
Күндө үч убак ушунда,
Тамаша менен таң атып,
Күлкү менен күн батып,
Жыргап жүрдүк ушунда.
Ууру,бөрү ойдо жок,
Абай кылып карасак,
Азыр бизде кайгы жок.
Карап турсак карын ток,
Мурункудай кайгы жок,
Күндүз эмгек кылышат
Кеч киргенде жыргашат,
Келин кыздын баарысы
Оо менен ырдашат.
Мурунку өткөн шум заман,

Бул эсимден калган жок,
Колхоздордун баарысы
Жыргап жүрөт арман жок.
Кызматтан башка кеби жок,
Жоо-душмандан шеги жок
Жумуш десе дегдеген,
Душман бизге келбеген
Кадыр түндө биз келдик
Илгерки өткөн заманды
Ойлоп турсак жаманды
Койчу койдо боздошуп,
Кожоюн кандай кылат деп,
Ар кайсы жерге топтошуп,
Малай жүрчү зарланып.
Байларга барып жалданып.
Тамак ичип тынч албай
Бир кудайга зарланып
Кээ бир адам кор болуп
Маңдайында шор болуп,
Манапка башы сатылып,
Бир жаман ишке катылып
Өлгөнүнчө кул болуп,
Көргөн иши бул болуп,
Өмүрү өттү жашынан
Бул адат колдонулду башынан
Ошол иштер келди деп,
Мындай заман келди деп,
Окумуштуу жаш балдар,

Сталинди ата деп,
Атабыздын сөзүндө жок ката деп,
Баары ошентип чаңдатып,
Душмандын баарын таңдантып,
Бул ишине таң калып,
Пикири жаман адамдар,
Эми да жүрөт шаңданып,
Көзү жеткен жаш балдар
Сталинге жалбарып
Акын балдар аңдашып
Айтып сөзүн камдашып,
Аны көргөн карылар
Угуп турат таңданып.
Бул сөзүмдө ката жок
Ичкен ашта бата жок,
Кээ бир кары кеп айтып
Бата кылбайт деп айтып,
Жыргалдуу болду баарысы
Ичиндеги карысы,
Алда кошо жыргады,
Ар нечсе бар оюнда,
Чогулушуп барышат.
Артистердин оюнуна
Көңүлдөрү жай болду
Кеп дыйкандар бай болду.
Күндөн күнгө күчөдү,

Жыргалы мындай күч болду,
Байыркынын макалы,
Мына ушундайга такады.
Эмдигинин акылы
Айтканында макулу
Биринен бири артышып,
Калоосуна жетишти,
Ары бери карасак,
Улам эле кийинкиси отуруп,
Күчү ташып жетишти.
Бир-бирине артышып,
Мындай доор жетишти.
Мурункудан кийинки,
Артыгыраак күчөдү,
Өтүп барат үч эли
Ушу келген заманга
илгерки өткөн заманга
Таң калышып калышат,
мындан өтүп кетсин деп
Кийинкиси жарышат.
Орто жерде тең заман
Келе жатат кең заман,
Ушу келген заманды
Абайлабайт кээ жаман.
Толгон айдай толукшуп,
Баары жыргап болукшуп,
Сталиндин тушунда
жыргайбыз деп ушунда

Чогулуштун кашнида,
Ырдап жүргөн андан көп,
Арак ичип мас болуп,
Абыдан дуулап бул күндө
Жыргап жүргөн андан көп.
Кара жерге көмүлгөн,
Казыналар ачылды,
Карап турсаң бул күндө
Алтын күмүш чачылды.
Абайлачы кашкалар,
Сталиндей асылды
Кедей менен жардыга
Жетим менен жесирге,
Текши пайда тийгизди.
Баарына карасак
Киймин бүтүн кийгизди,
Жарыгын күндөй тийгизди.
Жалпы дыйкан кедейге,
Пайдасын минтип тийгизди.
Жетим, жесир тең болду,
Сталиндин баарында
Булар кайдан кем болду.
Дуба кылып турабыз,
Өмүрү узун болсо деп
Бизден кийин калса деп,
Мындай адам табылбайт,
Тилегибиз ушундай

Аябай бата кылабыз.
Сталиндин жашына
Кунде уч убак тилейбиз.
Тилегибиз ушунда
Кээ бир адам арманда
Сталинге барсам деп
Москваны көрсөм деп,
Нечен жакшы балдар бар,
Жете албаган чалдар бар,
Ушу сөзгө түшүнүп,
Ыраазы болгон жандар бар.
Калыгулдун кеби бар,
Канча айтсак да эби бар.
Өзү олуя киши экен,
Айткан кеби ушу экен,
Ушундай заман келет деп,
Жүз жылы мурун билиптир.
Ушу кезде кетиптир,
Тукуму билбейт арманда
минтип айтып турганда,
Тукумунун баарысы
Бир да бирөө билбеди,
муну билген адам тилдеди.
Касиеттүү атаңдын
Уулумун деп мактанба,
Уккан адам кеп айтат,
Ушу сөздү көп айтат,
Как өзүнүн балдары
Ошондо көргөн чалдары

Алар жүрөт наалышып,
Укканда өзүм таанышып,
Ата кайран киши деп
Айткан сөзү ушу деп
Ушу заман келгенин
Келерин мурун билгенин
Келиндери ыйлашып,
Кебин эми сыйлашып,
Уулу,кызы зарланып,
Ушуну айткан адамга
Күндө үч убак жалбарып
Боздорун карманды
Ошо киши өлгөн соң,
Эми жүрөт армандуу
Өлгөндө билдик кадырын
Атабыздын баркын деп,
Эми бил ик наркын деп.
Бу дүнүйө жалганга
Келип кеткен киши экен,
Кудайдын кылган иши экен.
Айткан сөзү ушу экен,
Өтүп кеткен киши экен.
Ошол кезде адамда
Ал өңдөнгөн киши жок,
Сөзү менен иши жок,
Эрдигине мактанып
Кебине кулак салбастан
Кете берет жаттанып

Кайран киши өлду деп,
Кадырын билген пенде жок,
Калыгулдай элде жок,
Ырчы десең ырдаган,
Уккан киши ыргаган,
Жакшы десе жашыдай,
Айткан кеби бакшыдай,
Аныk келди артында
Калыгулдун дартында
Уулунун уулу кайгырып,
Акылынан айрылып
Кызынын кызы кызышып,
Ичегиси ысышып!
Издесе да табылбай,
Аныk келди бул кезде.
Сөөм менен сайгандай,
Мурунтадан билгенин
Илгерки айткан макалы,
Ушу кезде келгенин.
Бал китеп ачкан молдодор,
маанисин таппай калуучу
Дарс окуган молдолор,
Далайын билбей туруучу
Бакшы менен бүбүлер,
Мындай заман кайда деп,
мындайдан болбой пайда деп
Окуп жүргөн молдолор

Мунун сөзү бекер деп,
Минтсе түпке жетер деп,
Мына ушинтип суйчү эмес,
Ошо сөзү тез келди
ырысыбыз бар экен,
Ушу кезде кез келди.
Мыктылардын баарысы,
Уламалуу карысы
Угулчу эмес бул кебим
Укмушта жок куу кебим,
Ошо кезде жакшысы,
жемелешип келүүчү,
мындай кепти ташта деп
икаядан башта деп
Көрбөгөн сөздү көп айтып,
Жинди болгон эмедей,
Жемелешип салуучу.
Өзү жеке калуучу.
жалгыз барып кун көрөт
Өзү ырдап жүрүүчү,
Көргөн киши көрүүчү.
Көрбөгөндөр капырай
Айран болуп туруучу,
Андан бетер жалыгул,
Күчөп айтып кетүүчү.
Акыры кийин угарсың,
Арманда болуп турасың.

Сезүм калып өзүм жок,
Ажайыпка келерсиң.
Ошондо эске аларсың,
Азыр мени бу жерде
Убарага саларсың.
Ошо келген заман деп,
Баарың бирдей жаман деп,
Тапбайсыңдар амал кеп
Айтканымы сана деп,
Көңүлүңөр кара деп,
Калыгул айтты далай кеп,
Ушул ишиң калар деп.
Кийинки жолу алар деп
Калакең айтты далай кеп,
Андай артык заман жок
Жетпей калдың амал жок
Кийинки жакшы биз жаман
Өтүп барат бир заман
Мен менсиген эр жаман,
Артык чыкпайт жер жаман
Канатейин ?амал жок,
Эми бизде жаман жок
Жете албадык амал жок,
Эки кылым өткөндө
Ошондо болор иш экен,
Ойлоп турсак Калыгул
Айткандарын карасаң
Олуядай киши экен.

# АТАКТУУ МАНАСЧЫ ИЛГЕРКИ БАЛЫКТЫН ЫРЛАРЫ

## АЙТЫКЕ ЫРЧЫ МЕНЕН БАЛЫКТЫН АЙТЫШКАНЫ

Төрөгелди Ормондун
Дуулап өткөн тушунда,
Айтыке Балык бет болуп,
Айтышып калды ушунда.
Төрөгелди үйүндө
Чогулушкан жыйында
Эл чогулуп турушуп,
Үзүрдү минтип сүрүшүп.
Дуулап жүргөн кезинде,
Төрөгелди кеп айтты,
Санат ырдан чубуртуп,
Баштагын Балык деп айтты.
Кирпиги кыска кашы узун,
Албан түрлүү киши эле,
Айткан сөзү ушу эле,
Айт-айт десең алланы айт,
Аты жакшы кудайды айт,
Айт-айт десең алданы айт
Ошону таап сүйлөгөн
Адабият молдону айт.
Кулгу алла куранды айт,
Куп жазаган ыйманды айт
Адырга чыккан бозотту айт
Азапка бүткөн тозокту айт.

Алданын кылган ариште айт,
Адам жыргайт бейиште айт.
Капыр менен мусулман
Эки динди талашкан,
Эмине деп мактасаң,
Акылдууга жарашкан.
Канаттуудан буудайык
Кандай кылып мактаса,
Акылдууга ылайык.
Акылы артык адамдын
Ар кылганын карагын,
Акылы артык адамдар
Анык ишке жарагын.
Адам Ата, Обо эне,
Шоктон бүткөн турбайбы,
Азазил шайтан ибилис
Оттон бүткөн турбайбы.
Ай-ааламдын баарынан
Мурун болгон турбайбы.
Жакшы адамдын белгиси
Нуру болгон турбайбы,
Адам Ата үстүндө
Нуру калган турбайбы.
Намыс кылып ибилис
Куру калган турбайбы.
Адам ата, Обо эне
Арбагына тобо эне

Чийки буудай жебесе,
Бул азап бизге жок эле,
Адам ата Обо эне
Шайтандын тилин алганга
Чийки буудай жеп ийип,
Келип калды жалганга.
Ал туткан жок дүйнөнү
Шум дүнүйө жалганга
Ишенип белиң байлаба,
Бу дүнүйө шум жалган
Өлбөй тирүү ким калган
Акылдуудан кеп укту
Кеме жаза деп укту
Топон суусун угуптур
Толгон жандын уругун
Кемеге сактап чыгыптыр.
Топон болуп суу өткөн,
Ошондон сактап Нух өткөн,
Балык деген киши экен,
Айткан сөзү ушу экен,
Асманды жасап көк кылган,
Ар түрлүү жанды көп кылган
Устуну жок көк кылган
Урулуу жанды көп кылган
Танабы жок жер кылган,
Ажалсыз жанды жаратткан
Санаа менен чер кылган

Жер үстүнө эл кылган.
Элге пайда болсун деп,
Булут жаан жел кылган.
Жер бооруна тоо кылган,
Бир адамдын тукумун
Бирине бирин жоо кылган.
Бир күндөрдө баарына
Кылган ишин кайсы деп
Катуу кыйын доо кылган.
Асманга жасап ай кылган
Бир адамдын тукумун
Биринен бирин бай кылган.
Авага жасап күн кылган
Күн батырып түн кылган
Бир адамдын тукумун
Эчен бөлөк дин кылган,
Жамандарын жакшысы
Ошо баштан күң кылган
Айды асмандан жүргүзгөн,
Жарыгын жерге тийгизген,
Күндү асмандан жүргүзгөн,
Ысыгын жерге тийгизген.
Ушу жалган дүйнөнүн
Кызыгын жерге тийгизген.
Бул дүйнөнүн жалганы
Жалгандыгын көрдүңбү,
Эчен калктан калганы

Бу дүйнөдө кнзыккан
Шайтандын тилин алганн.
Кээ бир адам карасаң,
Арсар болуп калганы,
Бу дүнүйө бекер го
Бекер дүйнө кетер го.
Бул дүйнөдө кнзыккан
Шайтандын иши экен го.
Балык ырчн муну айткан,
Далай жанды муңайткан.
Ал аңгыча болбоду,
Тыңшап туруп Айтыке
Балык менен бул жерден,
Айтышууну ойлоду.
Шыкаалап туруп тешиктен,
Кирип келди эшиктен,
Карап туруп кеп айтат,
Кеп айтканда муну айтат:
Кара жолтой Бекмурат
Бекмурат бокту жеп турат,
Сага айта турган кеп турат.
Бекмурат эмес Балыксың,
Сарбагыштын ичинде
Сасыган чоң чарыксың.
Багымдат намаз билбейсиң,
Пайгамбар сөзүн сүйлөйсүң,
машкүлдө капыр Бекмурат
Чар китепти билбейсиң.

Айтике:
ايتيكه

+ Айтике

Чалияр сөзүн сүйлөйсүң.
Чала жинди Бекмурат,
Курган окуп билбейсиң,
Курулай сөзду сүйлөйсүң.
Куруп калган Бекмурат,
Сен берметтен теспе алдыңбы,
Мечиттүү жерге бардыңбы?
Колуңа теспе алдыңбы,
Кожолуу жерге бардыңбы,
Базар болгон чүйүң жок,
Же мектеп курган үйүң жок.
Токутуп минген жоргоң жок,
Окутуп билген молдоң жок.
Кошчу болгон иниң жок,
Кол берип келген пириң жок.
Алданын айткан ак сөзүн,
муну ыр экен дебегин,
мындан кийин пачагар,
Мындай бокту жебегин.
Мен айтышканы келгенмин,
Кызталак Бекмурат,
Алым келсе жеңемин.
Сен бу кебиңди таштагын,
Бөлөк сөздөн баштагын,
Эрикпенче көп айттың,
Элге сөздү көп айттың
Өсиң жоксуң Бекмурат,
Акылы жок Бекмурат,

Алда канча кеп турат.
Айтыке айтып таштады.
Анын сөзүн уккан соң,
Балык муну баштады:
Бейшембинин күнүндө,
Жуманын кадыр түнүндө
Орозонун онунда
Чоӊ норустун жонунда
Аты тону кир киши
Ак сакалдуу бир киши,
Түнөп кеткен үйүмө,
Түкүрүп кеткен оозума,
Салып берди колума,
Санап берген оозума,
Бекмурат болчу өз атым,
Анан Балык болгон башкы атым,
Айткамын анан санатты,
Айтып жүрүп ошондо
Алгамын далай манапты.
Барча макмал ийнимде
Сен өңдөнгөн акмактын
Баарысы калган кийнимде.
Айтпай кантип коеюн,
Алданын бергени аянып,
Акындыгым көрө албай
Айтыке жегенсиӊ менин баягым.
Эмне үчүн менден аядың,

Билгенимче кеп айтам,
Ушул элдин ичинде о
Акмаксыцго деп айтам.
Сен жүрөсүң адашып,
Менин кебим талашып,
Өзүң наадан айбансың,
Акылыдан тайгансың,
Сен босого менен таягым,
Бозо койчу аягым,
Жөн эле кечке тантыган,
Болбой калды саягым.
Бозо ичемин дегенде
Оозуңа келет баягым.
Ушуну айтып токтоду,
Айтыке эми козголду.
Эмесе кара комок тезектей,
Өскөнүңдү айтамын,
Калайыкты кыдырып,
Көчкөнүңдү айтамын.
Саруунун богун шапырдың,
Кушчунун богун куурдуң,
Солтонун богун чогулттуң,
Кара жолтой кысталак,
Ажыбекти аймадың,
Кудаярды кулгудуң,
Ылдый көчүп чулгудуң.

103.

Кайтып келдиң бу жерден,
Ормонбекти отодуң,
Субанбекти сугундуң,
Тезге салып түзөткөн,
Ныязбекти күзөттүң.
Өзүң канча жашадың,
Карасат менен Кубатты
Катмары менен ашадың,
Кара жолтой капыр кул,
Эми Ормонумдан оолак жүр,
Ырыскулбектен ыраак жүр,
Төрөгелдиден төмөн жүр,
Жакын барба Жантайга,
Сен саруугa кета гөр,
Кара жолтой Бекмурат,
Сатылганды жула көр,
Кара жолтой киши элең,
Ылдый карай жөнөсөң,
Далай ишти көрөсүң,
Сары өзөндү бойлогун,
Далай ишти ойлогун,
Керине тоодон алыс кет,
мен айтамын сонун кеп,
Кушчу менен саруудан
Кайта мында келбегин,
Кандарымды сен көрүп

Эмине үчүн дегдедиң.
Карап турган калыкты,
Башта деди Балыкты.
Көйнөктү кийип сеп кылдың,
Көчкөндүн несин кеп кылдың.
Жарды жүргөн сен турсун,
Жаңгыз жүргөн мен турсун,
Катар-катар нар тиркеп,
Сар арканы кыдыра
Ногой көчкөн болучу.
Жаныш, Боофек досум деп,
Жайлоодогу досум деп,
Жазы чакыр ичинен
Казак, кыргыз аралап,
Чомой көчкөн болучу.
Өз агаңды чакырдан
Казак кайдан чакырган,
Өтүктү кийип сеп кылдың,
Төбөңдөн тийген Айтыке,
Өлгөндүн несин кеп кылдың.
Айлыңдан киши өлбөсө,
Атаң кайда Айтыке,
Элиңден киши өлбөсө,
Энең кайда Айтыке.
Кудаярга дарт кылган
Ажыбек менен пурага
Атасы душман сарт кылган.

بالیق

Карагайдан но кылган
Ормонбек менен Субанбек,
Кененсары жоо кылган.
Кара күчке кеп айтып,
Как ушундай доо кылган.
Капир сендей адам жок,
Элде сендей наадан жок,
Жүзгө чыккан Ниязбек,
Жүдөгөндөн өлбөйбү,
Алтымышта Кара сарт
Алжыгандан өлбөйбү.
Ырысы бар Сарбагыш
Өлүп турат карызы
Күлүп күлүп жыртышып
Тумар кылат барысы.
Ырысы жок саяктын
Карысы коюп жашы өлөт,
Катыны коюп кызы өлөт.
Кандай жорук баштадың,
Өлбөгөн киши сен болсоң,
Ераалыдай жакшыны
Кайсы жерге таштадың.
Ашык ойноп уткансың,
Каранын каны Тайлакты,
Тирүүлөй кармап жуткансың.
Атантайдын аймадың,
Жаркынбайды жалмадың.

Чолпонбайды чокудуң,
чогултуп куран окудуң.
Чогултуп жуттуң чонойду,
жашында жуттуң жанайды
Сен да көрдүң далайды.
Сен жутпаган болдуңбу,
Тууразынан жуткансың,
Эшкожо менен эр Канайды.
Ойлоп карап отурсам,
Сен жутупсуң далайды.
Журтта калган күчүктөй
ıргөн айлың кимдики,
Жумгалдан көчүп тентиреп,
Жүргөн айлың кимдики.
Кой ээрчиген дөбөттөй,
ıргөн айлың кимдики.
Кочкордон көчүп тентиреп,
Жүргөн айлың кимдики?
Сен кантип келдиң жумгалдан
Ачпагын көзүң жумгандан
Эмне үчүн келдиң Кочкордон,
Кутулбагын чочмордон
Кайдан келдиң саяктан,
Кутулбаган таяктан,
Саяктан качып сен келип,
Араң жүрдүң сенделип,
Төмөнтөдөн мен келип,
Төрөгелди үйүндө

Тең болгондой кеп айтып,
Балык айтып токтоду.
Айтыке баштап козголду:
Сенин көрүп жүрдүм өзүңдү,
Ар кайсы жерде көчүңдү,
Кара алачык үйүңдү,
Ар кайсы жерден көргөмүн,
Өлө жаздап күлгөмүн.
Таз кареин ит баскан,
Тентип жүрүп Бекмурат
жаман жериң бит баскан,
Коңкергенн бит баскан
Коң жериңди бит баскан,
Биттеп жүрүп курудуң,
Кайсы жерде турдуң?
Минген атың жээрде,
Сенин үйүң не жерде?
Ошону айтып токтоду,
Балык ырын баштады.
Айтыке сөзүн таштады:
Минген атым торудур,
жеңин үйүм сураган
жаңдайыңдын шорудур.
Мен айтайын айлымды,
Угуп тургун дайнымды,
Калмактын кара көзүндө,
Көк чынардын өзүндө.

ایتیکه

بالیق

V+

Кең-колдун маңдай жагында,
Манастын тиккен багында,
Кең-кол, Талас боюнда,
Кербендер өтчүү жолунда,
Бит басты деп койбойсуң,
Бизди ким деп ойлойсуң.
Таз каранын ит басса,
Жаман жерим бит басса,
Коруп берер таяк бар,
Терип берет ар качан
Айтыкедей саяк бар.
Коң карганы ит басса,
Коруп берчү таяк бар,
Коң жеримди бит басса,
Терип берчү ар качан
Айтыкедей саяк бар.

+

Кэк ошентип каткырып,
Айтты сөзүн жат кылып.
Төрөгелди кеп айтты,
Айтыкедей акынды,
Сен жыгылдың деп айтты.
Жыгылдың сен өлөсүң,
Эми бирди көрөсүң,
Төрөгелди билди эми,
Ачууланып тилдеди.
Ал аңгыча Айтыке,
Арман кылды биртике.

Сарбагыштын манаптар,
Куруп калган саяктын,
Айткан сөзүн карактар
Кычылашып күлүштү,
Жаңгыздыгын билишти.
Ээ болбодум өзүмө
Укпай койду сөзүмү,
Ошонетип Айтыке,
Акылынан шашты эми.
Ордунан тура басты эми.
Атка минип Айтыке,
Айлын көздөй жөнөдү,
Балык ырчы шаттанып,
Жана артынан аттанып,
мен жеңдим деп мактанып,
Ырдап алып жөнөдү.
Акылыңан шаштыңбы,
Айтышалбай качтыңбы,
Кудай урган Айтыке,
Арбак сени бастыбы,
Мындан кийин Айтыке,
Билип жүргүн жайыңды,
Тааныйсыңбы Айтыке,
мен өңдөнгөн байыңды.
Кең Соң-Көлдүн сазында,
Келдибектин ашында,
Кемегенин башында

Көрдүм эле энеңди,
Алтн кулач ак мата,
Берген жерим бар эле,
Сенин энең жаңылды,
Көргөн жерим бар эле.
Ары болсоң Айтыке,
Арам сийдик уулумсуң,
Бери болсоң Айтыке,
Сатып ийчүү кулумсуң.
Мен карчыга, сен карга,
Мындан кийин Айтыке,
Мен барган жерге сен барба.
мен ылаачын, сен турна,
ыза болуп сен турба,
Акылыңан шаштыңбы,
Айтыша албай качтыңбы?
Сен байтал белең качкандай
Мен айгыр белем ашкындай,
Сен чебич белең качкындай,
мен теке белем ашкындай.
Сен чебич болуп мен теке
ырчыдан чыктым мен жеке,
Мындан кийин Айтыке,
Бет алышпа өзүмө,
Байкап сүйлө сөзүңө,
Сен кунажын болсоң букамын,
Куйругуңа сукамын
Мындан кийин Айтыке .

111.

Бет алган жерде кыгакым,
Айтышкандын жеңишин
Атышканга жергенким.
Курсага сени кошчентим,
Ары болсо кулушсуң,
Бери болсо уулушсуң
Мындан кийин сөзүңдү
Ачып жүргүн көзүңдү
Тээнип жүргүн сөзүңдү.
Ошо кезде карасаң,
Куушуруулду далысы
Айтыкени карасаң,
Куп кетистир керуусу
Алтоо-жетөө чогулуп,
Артынан куул калышты.
Аш бергендей дүбүрөп
Арт жагынан күйлөнүп
Айтыкеге сүйлөнүп.
Акылынан шашты эми
Атын таштап Айтыке
Шадыркандын үйүнө
Шашып кире качты эми.
Доко чылпыл мас болуп.
Акылдары ал болуп
Катакырашып келишип
Кайра тартып калышып

Төрөгелди үйүнө
Дүпүлдөшүп толушуп
Кадимкидей болушуп
Дуулдашып толушуп
Бозого мыктн тоюшуп
мурункусун жоюшуп
Баштан аяк баштады
Балык ырчы ошондо
Манастан айтып таштады
Төрөгелди үйүндө
Как ошентип жыргады
Күнү-түнү ырдады
ішүлдү мындай ким кылды
үйдүн ичин зем кылды
Күлкү менен кутба атып,
Тамаша менен таң атып
жыргалы мындан күч болуп
Түнү жарык түш болуп
Орундары киш болуп
Унуткусуз иш болуп
Балык менен айтыке
Айтышканы чыр болуп
Аяк жагы ушинтип
Түгөнгүсүз ыр болуп,
Төрөгелди баатырга
конок болду Балык ооз.

Ч

Аяк жагы түгөнгүс
Жомок болду Балык ооз.
Ошондон бери карата,
Азыркыга жереше,
манас калды Балыктан,
Как ошого аралаш,
Келдибек айтты Манасты
Касиетин карачы
Калкка ушундай тарады,
Калктын баары манасты
Айтабыз деп талашты,
Келдибек менен Балыктан
чыкпады андай калыктан.
Алардын көзү өткөндө
Акылбек менен Тыныбек
Экөө чыкты жанаша,
Как ошого аралаш
Чоюке менен Дыйканбай,
Алар айтты бир катар,
манасты далай эр айтар,
Билгеним айтам момундай
Баркынан Сагымбай
Өткөрүп айтты Манасты
Сагымбайда санат көп
Айтканына болжол жок
Бай манаптан өнгөн жок

Аягына чыга албай
Арманда болду Сагынбай
Жетим калды балдары
Сагынбайдын арманы
Бу дүйнөнүн жалганы
Акыретке барганы
Өлөнетип кыдырып
Кезек бизде калганы
Күлсө тиши каркайып
Күзгүдөй бети тарташып
Ыр жомоктун баарысы
Жаш балдарга ылайык.
Ава асманда малайык,
Кара жер толгон калайык.
Акын ырчы Балыктын
Айткан сөзү буудайык.
Ушу сөздүн баарысы
Бекмураттан калыптыр,
Ушул кезде айткандар
Булардан кабар алыптыр.
Нуска болуп манасы
Баарыбызга калыптыр.
Эмки башчы Саякбай,
Алкымы семиз аяктай.
Караланын баласы
Кай жеринде чаласы,

Балык ырчы баштаган,
Манасты бизге таштаган
Өлгөнү сексен жыл болду,
Ообунда сөзү бул болду.
Ошо Балыктын уулу пайманбай,
Айтып жүрдү ар кандай.
пайманбайдын балдары
Оозун жаман кармады,
Арманда болуп калганы.
Эгеги бар колхоздо,
жоктур сөздүн жалганы,
Ошолордун арманы,
Балыктан калган мүлкүнүн
Бирин тапбай калганы.
Балыктын сөзү басылды
Көрбөдүк мындай асылды
Манас менен буудайык
Баарыбызга ылайык.
Бирин таап айталбай
Анда санда бирди айтып,
Ушундай сонун ырды айтып,
Бишкекке барып тим кайтып
Үйгө келип ойлонуп
Убара болуп толгонуп
Ушу кепти жазабыз
Убара болуп жатабыз.
Аралап жүрдүм калыкты,

Көрдүм эле Балыкты.
Манас айткан адам да
Мындай киши жок эле,
Он экиде жашымда
Мен көргөмүн бериде
Ушундан үлгү алсам деп
Үйрөнө албай калыпмын,
Ичим толгон арман көп
Анда-санда бирди айтып,
Чоң Манастан ырды айтып
Жаш Ашык болдум Манаска,
Анда Балык таласта
Өлөрүндө келди эле,
Асили аны сарбагыш
Байтик кылды чоң намыс,
Кушчу менен сарууга
Жатпагын деп.......
Намыс кылып төө берип,
Саап ич деп бээ берип
Короосуна кой берип,
Ою менен кой берип,
Аябай чаап ат берип,
Калер замат бат берип,
Аргын кыргыз казакка
Аралатты Балыкты.

Кара калпак түркменге
Адигине Тагайга
Казак кыргыз бүткөндө
Аты чыкты далайга
Арбагын Байтик көтөрдү,
Аралатты далайга
Манас баатыр эр деди,
Байтик угуп дегдеди.
Андан мурун Манасты
Антип айткан киши жок
Манас менен иши жок.
Байтик ашык болуптур
Арбак башка конуптур
Балык Манас айтканда.
Өзү айткандай күүлөнүп,
Жакшы көрдү эр Байтик.
Арбагы муну колдонду
Айф тамгалуу солтого
Байтик өзү чоң болду
Бет алганын кайбоду.
Манастай ойду ойлоду
Ишип антка тойбоду
Андан бетер арбагын,
Иштегенин койбоду.
Балыкты жакшы күткөндө
Андан бетер чоң болду.

Баатыр манас туйгундун
Арбагы көзгө көрүнүп,
Балыкты колдоп жүрүүчү
Кайнардын кара көзүнөн,
Как чынардын өзүнөн,
манастын тиккен багынан,
малай болуп башында,
Кызмат кылып жашында
Кушбегинин өзүнө
Кудай берген сөзүнө
Коюн айдап кор болуп
Өтүгүнүн жулугу
Кой тойгондой кор болуп,
Коюн айдап келишип
Күнбөзгө келип түнөшүп,
Баатыр манас колдо деп,
Колдоонун ушу жолдо деп,
Кушбегинин коюнан,
Биреен тандап союшуп,
Күмбөзүнө сыйынып,
Ошентип Балык сүйүнүп,
Эт жүрөгү дегдеди
Кой кайтарып жатканда
жанындагы жолдошу
Көзү илинип кеткенде
Кырк чоронун баарысы
Кыран Бакай карысы

Карап турса Бекмурат
Ошондо Бакай келип турат
Келип туруп кеп урат.
Кешиги жок Бекмурат
Баатыр айтат кулак сал,
Байкуш баарын угуп ал
Бекмурат эмес Балыксың,
Бизди көрүп турган соң,
Эсиң кетип калыпсың,
Сартка малай болупсуң,
Кой кайтарып жөө басып,
Эки бетиң көө басып,
Төөлүп келген экенсиң.
Кеп сурөса таба албай,
Дөөрүп келген экенсиң.
Мынабу турган кашында
Баатыр Манас эр деген,
Жоо дегенде дегдеген.
Бет алганын бербеген,
Сен күмбөзгө келгенде
Чыдай албай түз келди
Баатыр сага кез келди.
Мындан ары карата
Бекмурат атың таштагын,
Сен манастан айтканда
Балыкмын деп баштагын.
Балык балам келгин деп

Кыдырып жүрдүң саруunu
Оозуца куйгун таруuнu
Колуңу тоскун балам деп
Уучтап таруу берди эле.
Ошону Балык жеди эле.
Баатыр Манас туйгундун
Арбагы чындап келди эле.
Аны менен тим кетпей,
Кашатка басып баргын деп
Кабакта турат көргүн деп,
Тору бышты токулуу,
ишенбесең баргын деп
Барып аны алгын деп,
Анык кулак салгын деп,
Айтып сүйлөп божурап,
Аш бышымча кобурап,
Кайып болуп жөнөдү.
Карасам көзгө илинбей,
Абакебиз эр Балык
Айран таңга калды эми.
Ал аңгыча жолдошу,
Баары жогу чекээри
Баятаден кожурап
Сен сүйлөйсүң божурап.
Эмнени көрдүң деп
жолдоштору сурады.
Айран болуп турады.

Анда Балык кеп айтат,
Кердүцөрбү деп айтат.
Бир топ киши келди деп
ишенбесең момуна
Бир ууч таруу берди
мына ушуну жегин деп.
Бакай берди дегин деп,
Дайын кылып ырдайсың,
мындан ары карата
Балык болуп жыргайсың
Энди көзүң ачылды
ырысың калкка чачылды.
манасты айтып ырдай бер
Бай-манаптын баарына
Аралап жүрүп жыргай бер.
Ошону айтып Балык ооз
Таруунy куйду оозуна
Таластын келип тушуна
жолдошторy ишенбей
Кыргыздын көбү калп деди
Манас деген илгерки
Өтүп кеткен алп деди.
Өлгөн киши келчү эмес,
Кыргыздан көрдүк далайды
Сен өңдөнгөн малайды
Манас сага айтчу эмес,
Айтканда соо кайтчу эмес.

Ишенбейбиз сөзүңө,
Ушул айткан сөзүңө,
Мындай айтпа калпыңды,
Калп кудайдын душманы,
Ичинде болот бышманы.
Как ушинтип күлүшүп,
Калп айтканын билишип,
Ал аңгыча Бекмурат
Бекмурат далай кепти урат.
Ишенбесең жүргүлө,
Мобу жакты көргүлө,
Токулуу ~~жүрөт~~ тор ат бар деди,
Как ошону ал деди
Зэрчитип алып бул экөөн
Бек жалынып теңирге
Чыга калды сеңирге.
Чыга калып караса
Айтканындай бир тор ат,
Үчөө бирдей жүгүрүп,
Келип калды кашына.
Зэри үстүндө токулуу
Алып алды тор атты,
Бутунда чалдер бар экен,
Жоон моюн ток курсак,
Жорго басып жан экен.
Зэринин кашында
Жазып койгон катында,

Жазып койгон каты бар.
Манас деген аты бар.
Аныk билди бул экөө
Ічөө бирдей сүйүнүп,
Бир кудайга сыйынып,
Атын алып келишип,
Коюн жайып жөнөдү.
Балыкты Манас колдоду,
Ушундан ары Балыктын
иши минтип оңолду.

Балык болуп атанды,
Күмбөзгө келип бир түнөп,
Токуп койгон ат алды.
ошо бойдон барышып,
намангенге киришип,
кушбегинин чогулткан,
Коюн колго беришип,
Маанисин айтып көрүшүп,
ıч күнү мында ырдады.
наманген деген шаарга
Каш ушинтип жыргады.
Өзбектин канынан,
Кушбегинин алдынан
мөөр басып кат алды,
Бир аргымак ат алды.
ошондон ары карата,
"Балык ырчы" атанды.

Түрлүү кийим кийгизди,
Салтанатын билгизди,
Сарпайс Шарып байн чапан кийгизди,
Салтанатын билгизди.
Кайтып келди жерине,
Кушчу, мундуз элине
Албан түрлүү киши эле
Айткан сөзү ушу эле,
манасчынын башы эле,
Кандай жерге барганда
Касиети ушу эле.
Адигине Тагайга
Аты чыккан делайга
Сарыбагыш менен солтого
ырдап жүргөн ортого
Казак менен кыргызга
Саруу менен мундузга,
Айтып жүрдү буларга
Аты чыкты жылдызга
Ошо кезде ырчылар
жаактуусу жанашпай,
Тилдүүсү тийишпей
Айтыкедей айтышпай,
Өңгөлөрү катышпай
Урмат кылды баарысы
жашы менен карысы
Акыры ырдын салаасын

Айтып өттү Балык ооз.
Ошо кезде жаш болуп
Арманда болуп калганбыз,
Ошол биздин агабыз,
Кыргыз аттуу элинен
Андайды кантип табабыз
Кандай сөздү баштаса,
Калети жок айтуучу
Күүлөнүп айтып келгенде
Күн жаагандай сабачуу,
Канча мыкты айтсак да
Андайды кантип табуучу
Балык оздун макалы
Манас менен такалды.
Көргөндө адам таңданган
Ашык болгон адамдар
Артынан кийин калбаган,
Балык Манас айтканда
Уйкусу умаштай ачылган.
Манас минтип башталды
Кийинкиге ташталды.
Илгерки өткөн макалдан
Ушундай укмуш башталды.
Башка киши көргөн жок
Балыктан бөлөк адамга
Көрүнөө минтип берген жок.

Эмки жүргөн манасчы
Уламалап кеп айтат,
Ушундай экен деп айтат
Манас минтип жайылды
Калайыктын барына
Кабары мындан калыптыр
Андан кийин Келдибек
Келдибек айтты мындай деп,
Андан чыкты далай кеп.
Ага удаа Тыныбек,
Тыныбектин сөзү көп
Семетей менен Манасты
Катмары менен айтат көп айтат.
Тыныбек айтып турганда
Умачтай уйку ачылган,
Кумар кайдан жазылган.
Мына ушундай сыр болгон
Кыямат кайым болгунча
Түгөнгүсүз ыр болгон.
Кыргыз деген адамга
Түгөнгүсүз кеп болгон,
Түшүндө көргөн көп болгон
Көргөндөрдүн баарысын
Көбүн билбейт маанисин
Көрүнө келди Балыкка
Ошондон кийин манастын
Көрүнду касиети жарыкка.

Аралап келип калкка
Ар кимиси бирди айтып,
Талашып келген баштан
Таамай Балык айтыптыр,
Так эле жийнримеда жаштан
Манас мындай ыр болду,
Балыкка келген сыр болду.
Караламан кыргызга
Как ушул сөзү чын болду.
Ар кайсы жерде Манастын
Азыр турат белгиси
Балык айтып баштады
Баарыбызга таштады.
Балыктын ушул макалы
Өзүн көрүп калганбы
Узун сары сакалы,
Кирпиги кыска кашы узун
Как ушундай жан эле.
Карыганда көргөнбүз,
Касиеттүү жан эле.
Оозу балык оозундай,
Чоң үкүнүн көзүндөй
Кишини туура караса
Кежигеден өтүүчү эле.
Кээ бир адам көргөндө
Эси чыгып кетчү эле.

Кумары кайдан жазылган,
манас айткан жеринде
Барган киши келбеген,
Дагы уксам экен деп,
Адамдын бары дегдеген.
макалдатып ырдаган
Барып турган адамдар
Ордунан өйдө турбаган.
Коргошундай көйкөлгөн
Кызык айткан сөзүнө
Айран таң калышчу
Оттой кызыл көзүнө.
Кбаагы бийик өңү саз
Сүйлөгөндө күлбөгөн
Канча ырдап турса да
Жомогун киши билбеген.
Дабырлатып айтчу эле,
Бет алышкан жеринен
Жеңбей кантип кайтчу эле.
Он экиде жашында
Ошонусун көргөмүн,
Көрүп жүрүп билгенмин,
Бир азыраак манасын
Балыктан алган нускасын
Түгөтө албай кыскасын
Ушу убакка келгемин.
макал сөзүн көп билбей

Ме теңтуш болуп көп жүрбөй,
Маш кееимде жете албай,
Ме абдан текти биле албай
Анда-санда тил албай
Ата энемден өтө албай,
Пе жанына жакын жете албай,
Чала була үйрөнүп
Ата энебиз сүйлөнүп,
Үйгө келгин мында деп,
Анда санда тында деп
Ачууланып алуучу
Үйгө айдап баруучу.
Толуктап аны биле албай,
Кэде качып барчуумун.
Ата-энемен тил албай,
Атамдын албай батасын
Сөзүмдө болсо катасын
Өкүматтар ойлогун
Карып калган кезим бар,
Кажып калган сөзүм бар,
Алжып калган жагым бар,
Али да болсо өкүмат
Ыразымын багым бар
Куру жатбай сыр кылып
Курап-сурап ыр кылып
Белдарга жатам жаздырып.

138.

Балдар күлүп каткырып
Сөзүмдү жазып жат кылып
ырдап жүрөт ошонго
Чогулушкан жыйынга,
ыразымын балдарга
Бакты берди өкмөт
Биз өңдөнгөн чалдарга.
Урмат кылып беарисн
Окуп берет жыйынга.
Бешим кетип кийинге
Табелбай алжып калемын
Айтып берем сөзүмдү
Баракелде ава деп
Жаман көрбөйт өзүмдү.
Айтып берем эрмекке
Тамашамды көрмөккө
чогулушуп келгенде
Каткырышып күлүшүп,
Кадырымды билишип,
Балдар угуп каткырып
Айткан сөздү жат кылып,
Карылыгы курусун
Адаштырып жазгырып,
Анда-санда бирди айтып,
Ошко-чошко кеп айтып
Ойноп жүргөн балдарга
Мындай айткын деп айтып,

іЙрөтүп жүрөм көбүнө
Ошо балдар уялып,
Айта албады көрүнөө.
Окуудагы жаш балдар
Ар өнөргө маш балдар
Айтканы турат карасак
Уга турган өңдөнөт
Уламалуу сөздөрүн.
Уга турган өңдөнөт,
ырысы бар жаш балдар
Түрлүү өнөргө маш балдар,
мен Манасты айтканда
илип алат баарысы
ошол элде көп жоктур
Менден бөлөк карысы
Билбейт экен макалды
макал айтып бер десе,
жүрөгү оозго такалды.
Эстемени билбеген,
Кандай кары сенсиң деп,
Кайтып мага келишет
Балыктан калган нускасы
Түгөнүп барат кыскасы
Балыктын уулу Паймамбай
Сүйлөчү сөздү ар кандай
Аштан-тойдон куру калбай
Алып жүргөн куу таңдай.

Чогулуштар болгондо
Эл кайкалап келгенде
Балыктын уулу мен дечү
Баатыр мага дечүү
Ырчылардын ушинтип
Балыктын арбагы менен жецүүчү.
Атасы Балык болгон соң,
Арбак башка конгон соң,
Балык оордун уулумун
Желгены жок мунумун.
Айтышчуунар кел дечү
Айтелбаса дагы ал
Айбаты менен жецүүчү.
Айтыша албай кетүүчү
Уялбастан бетине
Кандай ырчы келүүчү.
Көргөн ырчы сашуучу
Балыктын уулу пайманбай
Айткан сөзү айбандай
Атасы Балык болгон соң,
Беттешпейлик уялбай.
Ошо жерде ырчылар
Өлүп калган балыктын
Арбагында кыя албай
Ырчы четтеп жашыны
Пайманбайга бата албай

же качып үйге кете албай
же Найманбайдан өтө албай
Көбү айтнышпай бекинчү
Өз жанынан шекинчүү
Ошо бойдон тарачуу
ырчылардын баарысы
наймаке деп ошонун
оозуна карачу.
Ботокандын ашында
ырчы болду ошондо
Далай ырчы кашына
Кызмат кылды ошондо
Эчкимиси барышпай
найманбайга катышпай,
чоң Дөбөнүн башына
Чогулушуп ырчылар
Алдынан кыя баспады.
Ошол ашта Найманбай
Өзү жеке баштады.
Бул дүнүйө өшентип,
Ар кимден өтүп баратыр,
найманбай өттү бир катар
ырчынын бары чогулуп
найманбайга карады
Ошол аш минтип тарады.
Андан кийин болгон сод

Аяк эмес ортодон,
Ай тамгалуу солтодон
Чолпонкул деген чоң болду
Мунун иши оң болду.
Жапаркул деген баласы
Өлүп калды жашында
Аш берди дагы ошондо
Сары өзөн Чүйдүн боюнда
Бишкектин аркы оюнда
Ак чийдин айдай талаада
Ар нерсе бар санаада
Өң солтого эп болду
Казак кыргыз көп болду
Жапаркулдун ашы деп
Чолпонкулдун иши деп
Чогулушкан киши деп
Найманбай ырдап турганда
Калмурза келип кашына
Карыш айтты ошондо
Калмырза муну жеңди деп
Каткырып күлдү калың эл
Ошо бойдон Найманбай
Ашка, тойго бара албай
Элдин жүзүн көрө албай
Күнөн чыгып жүрө албай
Үйдөн чыгып тим жатты

Андан кийин кимге айтты
найманбайды жеңдим деп
Калмурза калды мактаныл
Кадимкидей шаттаныл
Андан ары аш-тойдо
Калмырза жүрөт аттаныл
Кадимкидей мактаныл
найманбай калды бара албай,
Кадимкидей жүрө албай.
Элдин жүзүн көрө албай
Ошо бойдон тим жатты
Андан кийин кимге айтты.
Оорул жатып үйдө өлдү
Ошондон ары карата,
Калмурза элге ырдады
Канча жылы жыргады,
Дүнүйө минтип баратат.
печен түрлүү заманды
Бу дүйнөнүн жаманы
Баарысынан калганы
Баары муну өткөрүп
Айт жагына калганы
Дүйнө чиркин шекерсиң,
Шекер дүйнө бекерсиң.
Ушинтип олтуруп

Арманда кылып кетерсиң,
Бир күн чыгар жаныбыз
Мүшкүл болор алыбыз
Печен түрлүү чечендер
Мындан дагы калдыңыз
Булбулдай таңшып ырдаган
Бул дүйнөдө жыргаган
Калмурзадан да калган
Адабият козгогон
Күндө айтып бөздогон
Акын ырчы Кылычтан
Андан да өтүп жылышкан
Токтогулдан токтобой
Мындан да өттү шум дүнүйө
Келдибек менен Балыкка
Ошолорго токтобой
Келди эми калыкка
Арстанбек менен Солтобай
Алардан өттү ой тобо ай
Акылбек менен Чоюке
Анык ырчы бул экөө
Алардан да токтобой
Желдей өтүп баратыр
Сагынбай менен Дыйканбай
Өткөн ырчы бир далай
Тыныбек менен Чоңбашка
Айтуучу эле бир башка

قالمورزا ,,

قيليچ ,,

Баарысынан калыптыр
Баштаган ырчы Балыктын
Бир бирине нусканы
Уланышып алыптыр,
Ушундай сөздүн баарысын
Илгертеден калыптыр
Бу замандын түбүнө
Кимдер жетип ким калат
Ушундай жакшы заманды
мурун билбей амалды
Ушу күндө эскилер
Бирин тапбай камалды
Абайлап карап олтурсак
Ушу заман жаманбы,
Илгеркидей жаман жок
Бул өндөнгөн заман жок
Бирөө өнөр билбеген
Кудай кылса амал жок
Ушу кезде карасак
Баары жанга тең болду
Илгеркинин баарысы
Ушу кезде кем болду
Мурун өттү тар заман
Анан кийин зар заман
Зар заманды сайратып

Сайрап берди көп элге
Кийинки угуп алсын деп
Ибарат болуп калсын деп
Кылыч молдо көп айтты
Аны билген адамдар
Ар кайсы жерде дагы бар
Молдо Кылыч аталган
Ак сакалдан бата алган
Уккан сөздүн баарысын
Көкүрөккө жат алган.
Ошолордун баарысын
Бир кагазга жугузган
Эртесинде баарысын
Элге айтып угузган.
Гезит баскан эмедей,
Баарын элге тараткан.
Дайым иши ушу эле
Өзү сонун киши эле,
Бир айтканда угуучу,
Кулагына жугуучу.
Нечен сонун кеп болсо
Элдин баары келүүчү.
Эртесинде күлүүчү
Ордап тойго баруучу эле
Акундугун ушундай
Ар жакшынын баарысын

ламбы берчүү муштумдай.
Кагаз жазган жагына
Кыргыйдан кыраан кишидей эле
Качан болсо Кылычтын
Кылган иши ушу эле.
Мындай иштер болгондо
Таптап койгон куш эле.
Ал өңдөнгөн пенде жок
Андай акын элде жок.
Ушу келген заманды
Келтирип айтчу киши эле.
Уккан сөздү билчү эле
Ойлоп үйүндө жатчу эле.
Бул заманды билбеген
Же мурун мында келбеген
Тушундагы сөз болсо
Турумтайдай илчүү эле.
Айтып келген сөздөрдү
Угуп туруп билчү эле.
Адабият сөздөргө
Акын эле ал киши
Ышкыбостун баарына
Жакын эле ал киши
Качан болсо Кылычтын
Кылган иши таш ушу
Аты калып өзү жок
Андай айтчу сөзү жок

Ушу кезде карасаң
Андай айтчу киши жок.
Мурун өттү куу заман
Эми келди бу заман
Эми ойлоп карасам,
Терип айтчу киши жок.
Бу заманды карасам
Заман акыр артыбы
Бай жарлысы билинбей
Баарысына тең болду.
Ушу турган заманда
Кандай киши кем болот,
Кийим кийсе тең кият,
илгеркинин баарысы
чапандарын кең кият.
Эмдигиним карасаң
Шоодурашып тең жүрөт.
Чапкан жолу кең жүрөт,
Бирин бири күзөтүп,
жолдун баарын түзөтүп,
жердин барын кеңитип,
Арыгын чоң чаптырып,
Алтын күмүш таптырып,
Акылы артык Сталин
Баракелде ишиңе,
Анык билген уставын
Сталиндин тушунда.

ырысныбыз бар экен,
Көрүп калдык ушунда.
Тамаша менен таң атып,
Күлкү менен күн батып,
Балдардын баары ырдады
мына ушинтип жыргады.
Жолдун баары жакындап
Айыл жүргөн эмедей
Айлык жолго бир күнү
Кирип барат күркүрөп,
Аны көргөн душмандын
Азат бою дүркүрөп
Душмандын шагын сындырып
Жардыннын жанын тындырып
Улуштун тагын талкалап
Уламанын баарысы
жыргап калды чалкалап.
Байлардын баарын жоготуп
Багырларды оңолтуп
манаптын баарын таркатып
Бакырдын ишин жаратып,
чоңдордун баарын жоготуп,
Кедейдин ишин оңолтуп,
Дыйкандын баарын жамдады
жок-житигин камдады.
Ортого салып мал койду,
Көңүлдөрү чоң тойду,

142.

Кызматты кыйын кылышты,
Оокаттын жайын билишти
Кубаныи баары күлүштү,
Күлкү менен тамаша
Илгерки ишти санаса
Эстен келгыс иш экен,
Ушунун баарын келтирген
Сталин кандай киши экен,
Сүрөтүн көрүп тоебуз
Ушул өндүү адамды
Эстебей кантип коебуз.
Эч Сталин баатырды
Кандай аял тууду эле
Кандай кочкор кууду экен
Атасы кандай киши экен.
Ар кылганы ушу экен
Абай кылып карасак
Сыймык деген куш экен.
Бу дунүйө жалгандан
Өзү сырттан киши экен.
Уктабай турган кишиби
Акыр кылар иши ушубу.

Башы көккө такалган
Асмандаган чынарбы
Бул дүнүйө жалгандан
Мындай адам чыгарбы.

143.

Бу дүнүйө жалганда
Өмүрү узун болсо деп
Күндө дуба кылабыз
Ар өнөрүн карасак
Айран болуп калабыз.
Ырчынын баарын ырдаттың
Ушунча жандын баарысы
Эрки менен жыргаттың.
Комузчуну койбодуң,
Оңолсун деп ойлодуң,
Карып калган биздерди
Илгерки өткөн сөздөрдү
Бирин койбой тердедиң
Билгениң айтып бер дедиң,
Кызматың артык кетти деп
Миңдеген сомду бердирдиң.
Карып калган чагымда
Катын менен балага
Карап турсам Сталин
Кара башым садага.
Кор кылбадың келинге
Ыразымын Ленинге
Калинин менен Сталин
Карып калган кезимде
Алтын күмүш учстадым
Аял менен балдардан
Сендей пайда көрбөдүм

Ушу кезде өлбөдүм
Өмүрүңдү тиледим
Берер кудай тилегим
Касиетиң билемин
Жатып турсам ойлоймун
Ошондо да Сталин
Бергениңе тойбоймун
Бу дүнүйө бекер кеп
Дагы берер бекен деп
Ойлоп санап жатабыз
Сени самап келгенде
Тамашага батабыз.
Өкүматын карасак
Курсагыбыз ачпастан
Жыргап куунап жатабыз.
Катын менен балага
Күнүм калган чагымда
Өз эмгегим тез келип
Мындай доор кез келип
Чын бейишке киргиздиң
Жаш катары жүргүздүң
Кийбегенди кийгиздиң
Адигине тагайга
Атым чыкты далайга
Кара каска күлүктөй
Карыганда чыктың деп

Көргөн адам кеп айтат
Катын менен баладан
Али да болсо мыкты деп
Атың кетти алышка
Катың кетти калыска
Эч арманың калган жок
Эл чогулуп келгенде
Элдин бары мактащат
Жетимиш алты жашымда
Жергеден калбай жүрөмүн,
Колхозуңун ичинде
Ар кимиси мактащат
Карызга алат акчамы
Ушу дөөлөт кимдики
Өкүмөттүн акыгы
Сталиндей эрдики
Макал сөздү баштадык
Кайсынысын таштадык.
Калети болсо сөзүмдү
Карылыктан көргүлө,
Кылыч молдо макалын
Кыяланып таппай жатамын.
Өкүмөттын колуна
Мурун жазган адам бар
Байдылда кары кеп айткан
Мен жазгамын деп айткан

Ошону үчүн токтолду.
Балык өөз токтолду,
Калмурза акын козголду.

~~жакде~~ Бол ырлардын ичинде
Молдо Кылыч жок болду.
Калмурзанын өзүнөн
Анда санда сөзүнөн
Бир азыраак жазалы
Узун эмес казалы,
Мурда кетти сүрүлүп,
Төмөн карай бет алып,
Акылынан шашыптыр,
Пайманбайдан качыптыр,
Кушчу менен сарууга
Качып барып кор болуп.
Маңдайында шар болуп
Андан кайтып келиптир
Пайманбайды жеңиптир
Төмөн жүрүп Калмурза
Далай ишти билиптир..
Төмөн барып кор болуп,
Кайта келип Калмурза
Сарбагышка чоң болуп.
Жылдызына оң болуп,
Ырчынын баарын баштады,
Ылгыны минтип таштады.
Элдый көчүп барганда,

Жүргөн экен арманда
Кумар сйноп курушуп,
Көрүнгөн менен урушуп,
Ушу күндү көрүптүр,
Жалгыз аты бар экен,
Ошенеткен кезинде
Ошол аты өлүптүр.
Олуяата шаарында
Ошо жерде калыптыр.
Кумар оюн таалтыр,
Кудай уруп салыптыр,
Төрт чүкөнү калчашып,
Алчы конуп калыптыр.
Көп адамдын алдына
Жалчы болуп калыптыр.
Качып барып таласка
Калай болуп калыптыр.
Ошо жерде байларга
малай болуп калыптыр.
Сарбагышты санаса,
Ичи жаман өрт болуп,
Кайтып бери келүүгө
Эки көзү төрт болуп.
Көтөрүп атты миниптир,
Жолорун билиптир,
Ошо бойдон жол жүрүп
Эр Шабданга келиптир.

Чоң Кеминдин саанында
Чолпонбайдын ашында
Чогулушуп турганда
Аш дүкөнүн курганда
Сарбагышка кеп айтып
Арз-арманын эми айтып
Баатыр Шабдан Баяке
мамбетаалы, Дүр экөө
Ашты аткарып кеңешип,
Турган экен бул төртөө
Бул төртөөнө кеп айтып
Арзымды уккун деп айтып,
Баатыр уккун арзымды
ичимдеги дартымды
Кутула албай жүрөмүн
мойнумдагы карзымды.
Төмөн барып жөө болдум,
Эки бетим көө болдум.
Ат өлтүрүп жөө басып,
Алчы болдум баатырлар
Таластагы байларга
жалчы болдум баатырлар
кушчу менен сарууга
Кумар ойноп уттурдум,
Тапканымдын баарысын
Кумарчыга жуткурдум.

Күлүс ойноп күбүлдүм
Ошондо жандан түңүлдүм.
Чомун ойноп чоңкойдум
Эл жайлоого кеткенде,
Жалгыз калып коңкойдум.
Ылдый кетип курудум,
Ушу кезде баатырлар
Ырдап карап турумун.
Теги түбүм сарбагыш
Тууганың тентип жүргөнү
Туйгундар сага чоң намыс.
Өз уругум черики
Айтам сөздү биртике
Кандай айла кылчуумун
Кантип адам болчумун.
Акылыман шашкамын
Балыктын уулу пайманбай
Арбагынан качкамын
Жазы сарбагыш журтубуз
Жайып алган курутубуз
Төмөн саруу кеткенде
Жаңы чыкты мурутубуз.
Бул арманым угуңуз,
Өз арманым өзүмдө
Мага салгын көзүңдү,
Аяк эмес ортого

Ай тамгалуу солтого,
Азыр келдим ошондо
Башым качан бошондо
Төмөн кеттим далайга
Жалчы болдум малайга
Эми келдим ушунда
Чоң Кеминдин сазына
Чолпонбайдын ашына
Чогуу турган берендер
Мага салган көзүңдү
Угузгула сөзүңдү
Тентип жүрүп өлөмбү,
Журтумду деги көрөмдү.
Кудай бүгүн кез кылды
Баатыр Шабдан көсөмдү.
Кокон,Ташкен көтөргөн
Билибизди мен көрдүм
Кожодой кылып көтөргөн
Пирибизди мен көрдүм.
Башка келген замандын
Баатыр Шабдан аманбы.
Менин минтип жүргөнүм
Деги баатыр жаманбы.
Кумар ойноп жоголдум
Бүгүндөн баштап оңолдум.
Төбөбүзгө тең тийген

Айыбыз аман барсыңбы?
Төрөлүк чепкен кең кийген,
Байыбыз аман барсыңбы?
Казыбектин тоосундай,
Дөбөбүз аман барсыңбы?
Калың кыргыз ичинен
Төрөбүз аман барсыңбы?
Баатыр Шабдан, баяке,
Мамбетаалы, Дүр экөө,
маамыт!, Төлө алтооңор
Аман эсен барсыңбы?
Текөөрү болот темирлер
тепкени абдан себилдер
Тумшугу болот туңжурлар
илеби болот канжарлар
Баарыңар аман барсыңбы?
Улуу кичүү ушунда
Карыңар аман барсыңбы.
Эки Кемин жайлаган
Эркиндик менен жайнаган
Элибиз аман барсыңбы?
Элүүдөн берки куралган
Келин аман барсыңбы?
Эркелик менен чоңойгон
ысамудун, мөкшүм,
Бегим аман барсыңбы
Сары өзөн Чүйдү жердеген

Казакка намаз бербеген
Кандар аман барсыңбы
Калайыктын ичинде
Балдар аман барсыңбы
Жетимиш сексен жашаган
Чалдар аман барсыңбы
Мекеге барып кол берген
Ажылар аман барсыңбы?
Айрыспңбы нарсыңбы
Асылдар аман барсыңбы
Көк ойрок көчүп жайлаган
Байлар аман барсыңбы
Баатыр Шабдан, баяке
Пайдасын минтип тийгизди
Баарыңа кепич кийгизди
Токмок менен Бишкекте
Чыңгыштың жеке сурады
Күйкө бучук ажыңар
Ошол аман турабы
Ушу кезде карасам
Сарамжалын курады
Эл журтумду эми көрдүм.
Текши байып калыптыр
Ушу турган калыкка
Кудай берип салыптыр
Сыймык кушу барыңа
Бир айланып конуптур.

Ырысың көлдей толуптур,
Ырас кезде келипмин,
Баатыр Шабдан, Бьяке,
Баягы сөзүң канаке.
Айрысыңбы, нарсыңбы,
Айтканыңда барсыңбы,
Кечүүсүңбү, нарсыңбы,
Кечеки кепте барсыңбы,
Көчүрүп алчуу эрсиңби,
Көсөл ырчы дейсиңби,
Ырыстуу элдин алдына
Ырчы келет какылдап,
Ырысы жок адамга
Досчу доолайт шакылдап.
Ушу кезде карасам,
мээнет мени жакындап,
Аягымдан такымдап.
Ырчың турат кашыңда,
Ырын айтып какылдап.
Ушу кезде ойлосом,
кыямат башка жакындап.
Кыйын иштен куткарып,
Дөөлөтүмдө мээнетим
Аңдып жүрөт такымдап.
Абыдактуу эр Шабдан,
Абайлачы макул деп

Асыл Шабдан асылым,
Айтып болдум басылдым.
Мамбетаалы, Дүрмө
Мындан мурун баатырлар
Айтып калдим кимиңе,
Абайлачы баатырлар,
Айыл коном кимиңе?
Ушуну айтып токтолду,
Баяке баатыр козголду.
Көтөргөн үйгө киргиз деп,
Бир жакшы атты мингиз деп,
Улуксат кылып бул айтты,
Сырдаган үйгө киргизип,
Сый-сыпатын билгизип,
Эрикке нче эт берип,
Карыкканча кант берип,
Тамак-ашка тойгузуп,
Түнүн жарык түш кылып,
Орундарын киш кылып,
Унуткусуз иш кылып.
Сары казы, кыйма жал,
Сандыргалуу баатырлар
Жакшылап кылды конокту,
Айтып жаттым жомокту.
Мурун барып Таластан
Мындай көрдүм домокту.

Кумар ойноп ач калдым,
Ошондо эле жаздадым,
Жүгөрүдөн дүмбүлдү,
Отко салып жеп жүрдүм.
Өлөмүн го деп жүрдүм.
Сарыбагыштын четине,
Бир баруута зар болдум.
Атн, тондон айрылып,
Чоочун элде кор болдум.
Сарыбагышты көрмөккө
Ушундай айтып бермекке
Эки көзүм төрт болду.
Ичим жаман өрт болду.
Арaң келдим жериме,
Айтылуу Шабдан бегиме.
Чолпонбайдын ашында,
Туура келдим ушунда.
Башыма дөөлөт бак конду,
Мингеним жорго ат болду,
Эртеси күнү куш кылды,
Самагандын баарысын
Алдыма келип туш кылды.
Иртүктөп бир ат мингизди,
Илкөндүгүн билгизди,
Аябастан үстүмө,
Түрлүү кийим кийгизди.

Жарчы кыла баштады,
Башка ырчынын баарысын,
Менден кийин таштады.
Жасаган сүйүп ыр берди,
Жанымдагы ырчылар,
Ыраак качып дыр берди.
Ошо күнү түшүмдө,
Албан түрлүү сыр берди.
Баатыр Шабдан жол берди,
Дөөлөттүү кудай мол берди.
Ошондон бери карата,
Айтып жүрдүм арылдап,
Тоодон аккан кашка суу
Агынындай шарылдап.
Бектер минген бедөөнүн
Жүрүшүндөй арылдап.
Оводогу шумкардын
Канатындай барылдап.
Ашта-тойдо тойбодум,
Ала бердим бергенин,
Дагы алсам экен деп,
Эт жүрөгүм дегдедим.
Алган менен тойбодум,
Ар жерде аш чоң болсо,
Беремин деп ойлодум.
Кайсы жерде аш болсо
Кабар салып өзүмө,

Калктын баарын карасам,
Тааныш болду көзүмө.
Ашык болду өзүмө,
Ошондон бери карата
Ырдап жүрүп жыргадым,
Качан аш мен той болсо,
Барсам дедим дегдедим.
Мурунку көргөн кордугум,
Көп көргөмүн башында
Кумарчынын зордугун.
Ыраазымын бул жерде,
Сарыбагыштын чоңдугун
Ошондон бери карата
Жакшыларга жанаштым,
Жамандардан адаштым,
Ар тарапка барганда,
Намысты артык талаштым,
Кумар ойноп кем болдум,
Ушу кезде карасаң,
Кутургандай мен болдум.
Курдаштарга тең болдум.
Ушу кезде аш, тойду
Баштап алып жөнөдүм.
Барган сайын оңолдум,
Басташканым жоголдун,
Момунтип ишим оңолду.

Ырчынын барын таштадым,
Өзүм жолду баштадым.
Аш менен тойдун баарынан
Албаганым калбады.
Бу дүнүйө жалгандан
Эч калган жок арманым.
Мамбетаалы баатырдын,
Этегинен кармадым.
Чогулуштун барында
Тапкандарын жалмадым.
Канча алып тойбодум,
Алганымды койбодум,
Акыры бир күн өлөм деп,
Акыретти ойлодум.
Аш менен тойго дегдедим,
Ат үстүндө жем жедим,
Бул дүйнөдө арман жок,
Мендей ырчы калган жок,
Жамак ырга калганда,
Сагынбайдын жеңгемин.
Тыныбекти таштадым,
Тынбай ырдап какшадым,
Ал экөөнүн айтканы
Манас менен Семетей
Абай кылып карасам,
Айыл жүргөн эмедей.

Алардыкы бир башка,
Менин сөзүм бар башка
Жамак ырды мен айттым,
Жамак ырды ал айтты,
Жомокко жайым жок болдум,
Ошо бойдон токтолдум.
Манастын жайын билбедим,
Бет алышып келгенде,
Ырчыларды тилдедим,
Жамак ырды айтканда,
Келе берди оозума
Көчүп келдим ошондо,
Кең Таластын тоосунан
Ушу жерге келгени
Учкан куштай шар болдум.
Жок-житиктин баарысы
Өз колумда бар болдум
Конок келсе кош дедим,
Мейман кана беш дедим,
Толуп жатып дүнүйө,
Тобун жазбай дүрүйө.
Өз колумда бар болдум,
Ала бердим анатты,
Айта бердим санатты,
Кантип айтпай коюн,
Как ушундай адатты.

Тийдун ичин зам кылдым,
Тзурду артык мен кылдым.
Барган байдын барысы
Бере берди аябай,
Канча сурап койсом да
мал козуно карабай,
Ар кайсы жерде барганда
Кедей,байдын баарысы
Мал козуно карабай.
Бере берди аябай.
Баракелде калмурза,
Каалаганың бар болсо
Аябайлы берели,
Сендей кыйын ырчынын
Акындыгын көрөлү.
Казак кыргыз барына
Улуу,кичүү карыга
ырым артык кобушум,
Алыска кетти добушум.
Теңдешкен ырчы калган жок,
Теңириме арман жок.
Теңтуштардын барынан
Албаганым калган жок.
Кедей менен дыйканга
Аябастан мен бердим,
Керегинди алгын деп,
Барысына тең бердим.

Өзүмдөн өткөн кедейлик,
Баарысына келтирдим.
Бере бердим келгенде
Сурап койсо ал эмес,
Шаар жүргөн кербенге
Кедейдин көөнүн жай кылдым,
Кээ бирөөнү бай кылдым.
Өзүмдөн өткөн башында,
Жамандык көрдүм жашымда,
Как ошону санасам,
Аябай бердим ашымда
А түгүл малым түгүл башымды,
Бере бердим жардыга,
Бул дагы мендей экен деп
Бербей койсом бекер деп
Сөзүм ширин ушундай
Ар кайсы жерден мен өзүм
Ак жамбы алдым муштумдай.

Алтын менен күмүштү,
Алып жүрдүм бул ишти
Жетпегенде аябай,
Бере бердим малымды.
Казынаны жыйбадым,
Карыптарды сыйладым.
Байкасамды жыйбадым,
Бечараны сыйладым.

Өмүрүң узун болсун деп,
Өлгөндө пайда кылар деп
Ушу менин кесибим,
Көрүнгөнгө беремин,
Артып калса кешигим.
Балдардын баарын тойгузуп
Баарысынан бата алдым,
Жамак ырдын баарысын
Көкүрөккө жат алдым.
Үйүмдөн мүлкүм кемисе,
Байларды көздөй аттандым.
Тапканымдын баарысын,
Жардыга берип мактандым.
Өнөрүмдүн баарысын,
Өң жардыга тараттым.
Жоомарт экен десин деп,
Жолго койду сойдурдум,
Өйдө-ылдый өткөндүн,
Баары жогун тойдурдум.
Дубана менен кедейдин,
Курсагын жакшы тойгуздум,
Артыма санат калсын деп,
Ушундай үлгү баштадым,
Бай-манаптан алганды,
Дүнүйө кылып жыйбадым,
Жүдөп жүргөн жардынын,

Баарын жакша сыйладым.
мырзалардын барынан
Ура сыйлап мен алдым,
мунун баарын чогултуп,
ортосуна мен салдым.
Өң кедейди чогултуп,
Баарысынан бата алдым.
орлап жүрдүм укканга
Кулагына сукканга
Ала бердим тойбодум,
алганымды койбодум.
акыретти ойлодум
ошонун үчүн аябай,
дүнүйөгө карабай,
Бечара менен жоксузга,
Бере бердим санабай.
Бай-манаптын баарысы
Андан бетер аябай
Өлөрүмдү билген соң,
кантип аяп каламын,
алгандардын баарысы
Бата берип калышты
Аткарып жүрдүм жумушту,
койбодум акыр бул ишти
катын менен балдарым
Ушу ишке киришти.

Бербедим деп жүрүштү,
Анын сайын карабай,
Тапканымды аябай,
Берев бердим кедейге,
Кедейлердин баарысы
Баласындай макташып,
Атасындай көрүшүп,
Бир жакка барып келгенде
Колумду кармап өбүшүп,
Кедейлер ызат кылган соң,
Бай-манап да сыйлады,
Бергендерин тыйбады,
Байдан алып кедейдин
Курсагына жедирдим,
Келмурза жакшы дедирдим.
Үйдөн чыгып аттанам,
Ырдаганда шаттанам,
Куудул сөздү көп айтып,
Улемалуу кеп айтып,
Өлгөнүмчө тынбадым,
Кишиден шагым сынбадым,
Бай-жардынын ортосун
Ушунетип сындадым.
Кудайчы дубана
Ушуларды сыйладым.
Кылык болду чапканым,
Күмүш болду тапканым.

Ушунун барын аябай,
дыйкандарга сарп кылдым.
аларда жүрдү кайрылып,
Талкан менен ун берди
Калмурза тыштан келгенде,
Бай-манапты карасам,
Санап туруп бул берди.
Кедей менен дыйкандын
Эч арманы калган жок,
манап менен байлардан,
Албаганым калган жок.
Тиниибектей бай болбой,
казынаны жыйбадым,
карыптарды сыйладым,
мен калмурза болгону,
Башыма сыймык конгону,
Айтышкан ырчы оңбоду,
Ырчылардын баарысы
ыраактан салам беришип,
Түшө калып көрүшүп,
Арбагымды көтөрүп,
Кошоматты кылышчу
Кошо жүрүп олжо алып,
Кубанышып калышчу.
Айтышам деген ырчынын,
Бет алдырбай жеңчүмүн.

Бейкасам чапан болсо да,
Бечарага берчүүмүн.
Ушунетип калмурза,
мал дүнүйө жыя албай,
Он беш жылы жыргадым
Өзүм менен ырдадым
мурун жарды болгон сон,
Санаамдан кетпейт кедейлер
Тапканымды тең жеди
жаш балдары дегдеди
алыска барып келгенде
Алдымы тосо жүгүрдү.
Балдары турчу сүйүнүп,
Бул дүйнөдө кылганым
Байкысы тынбадым
манаптардын үйүнө
жатып алып ырдадым,

Ырдап тапкан малымды
Кедей менен дыйкандын
ортосуна салгамын.
Ошончо кылган кызматым,
Ажал келген кезинде,
Алардан айла болбоду,
Бурананын оюнда
Эчтеме жок оюмда,
Мамбеталын айлында
Түүм бирге иргелеш,

Кулум, тайым ширгелеш,
Чыгарга жаным биргелеш,
Коюм бирге короолош,
Аштыгым бирге ороолош,
Арак болсо жоролош,
Бу да Сарыбагыштын чоңу эле,
Как ушинтип жүргөндө,
Соңкөлдөн бизге кат келди,
Муну минип келсин деп,
Бир карагер ат келди.
Ошол аты бат келди.
Сарыбагыштын бир уулу
Көбөгөн деген киши экен,
Тыныстамдын ашы экен,
Ал аштын баарын бийлеген,
Көбөгөн элге баш экен.
Кат келди да ат келди,
Эртең менен болгон соң,
Багымдат намаз окудум,
Атты баса токудум,
Айылга акыл кеп айттым,
Аш болуптур деп айттым,
Каалаган ашка барып
Тамашасын көрөлү,
Барасыңбы деп айттым,
Жар-жороого кеп айттым.
Кеси бир ат токунуп,

Кээси ат таба албай кайсалап,
Жумуштун убак кези эле,
Беш-алты киши женеду,
Шамшыны ордоп жол журдук,
Соңкелде жете консок деп
Солкулдата желдирип,
Эртең конок алат деп
Эки,үч күнү кечиксек,
Конок таппай калат деп
Эртеси күн болгондо,
Тамашасы болот деп,
Ошо Шамшы боюнда
Ар нерсе бар оюмда.
Ой карагай конушка
Абылайдай болушка
Бүгүн жете конду,
Конок болуп онду
Как ушинтип келатсак,
Эки кедей арбаңдап,
Ара тартып дарбаңдап,
Бизди көрүп күлүшүп,
Аштан, тойдон калбаган,
Ары жок ырчы экен деп,
Калмурзанын оокаты
Бул дүйнөдө бекер деп,
Аш бергендан дегдеген,
Манаптардан калбеген,

Ушинтип өткөн ооката
Турмушумду жактырбай
Же айры кетмен чаптырбай,
Же эгин айдап бактырбай
Тилеги ашка чыгыптыр,
Соң көлдөн бирөө аш берсе,
Бул кайдан жүрүп угуптур.
Укмаксан болуп баратсам
Жолдошторум уруштү
Бурулуп тура мен калдым,
Айтканына көз салдым,
Маңдайына мен бардым,
Араа тарткан эки акмак
Эмне кылып турасың,
Эки жерде тартактап
Кандай экен мал тапмак,
Оңой бекен жан бакмак.
Жайдан кышка басылбайт
Кең Кочкордун шамалы,
Араа тартып тургандың,
Кудай урган акмактын
Жан сактоонун амалы,
Тартактаган сен кургур
Жамандык кылдым кимиңе,
Тим бараткан кишинин,

Тийдиңерби жиниңе
Ырчы болсоң бери чык,
Табалбасаң тилим кес,
Мерген болсоң бери чык
Ата албасам көзүң теш
Күчтүү болсоң алышкын,
Мындай чыга калышкын.
Жөн бара жаткан кишиге,
Айта бербе мындай сөз,
Жанагы айткан кебиңи,
Дагы айтчы көзмө көз.
Айтышкыла араачы,
Арты-кийнин карачы.
Абайлабай сүйлөсөң,
Оозуңду ачып каларсың.
Мен Калмурза болгону,
Арбак башка конгону,
Бет алганым оңбоду,
Келтирейин көзиңе,
Бир түшүрөйүн эсиңе.
Көрүнөйүн көзүңө,
Жанакы айткан сөзүңө
Кайтып алгын кедейим,
Кедейим сени недейин,
Бура тартып жөнөдү,
Алиги экөө артынан
Катылбас кишиге катылып,

Акмак болуп калдык деп,
Жолдоштун бары каткырып,
Көңүлдөрүн шат кылып,
Кете берди жол менен.
Аянбастан бастырып,
Ошо бойдон жол жүрүп,
Ал күнү кечке мол жүрүп,
Кочкордун суусун кечти эми,
Шамшынын белин ашты эми,
Соңкөлгө барды кечинде,
Намаздигер кезинде,
Чогулушкан жыйынга,
Калмурза келди ошондо
Аралашып кошулду,
Тобун бузбай токтоду,
Калмурза келип жоктоду.
Аш маанисин козгоду,
Аш берген жериң көк дөбө,
Ушу турган көй төрө,
Шашке чыктым Шамшыдан,
Соңкөлгө келдим Дигерде,
Сонунду көрдүм бу жерде,
Ак калпактуу кыргыздан
Артык эле Тынытам
Ажы Сейит Ак молдо,
Атайы келдим бул жолдо

Мусанын уулу Жөлөгөн,
Шыгайдын уулу Кебеген,
Атайы жакшы тынысгам
Акыретке жөнөгөн.
Ылаачындай Токторбай,
Арыстуу болуш Абылай,
Айтып келдим жайма жай.
Угуп турсаң баарыңдай,
Надырбектин баары бай,
Көңүлдөрү дагы жай
Байлыгың айтсам ошондой,
Чоңдугуңар кожодой,
Көкөтөйдүн ашындай
Көп жакшылар кашындай,
Кече күнү кечинде
Кагаз тийди колума
Ошо бойдон мынакем
Карабадым соңума,
Жылдызы азыр оңунда
Жабуулаган ат келди,
Жакшылар сенден кат келди,
Мааматкул Дөөлет баарыңа
Байказы сындуу карыңа,
Айтып турам Калмурза,
Печен Түрлүү жан турса,
Намаздигер кезинде,
Араң жеттик кечинде

Бетегелүү жер деди
Калкынын барын карасаң
Берекелүү эл деди.
Укканда эле Калмурза,
Барайын деп дегдедим,
Узун айткан жомоко,
Ушинтип келдик коноккo
Коноко келдик беш киши
Дигер шамдын ортодо,
Мурун жүргөн Калмурза,
Айтамгалуу солтодо.
Мурун билбейм баркынды
Бүгүн көрөм наркынды
Калмурза айтып басылды
Көрбөдүк мындай асылды,
Калмурза минтип келгенде,
Сагынбай ары жашынды.
Калмурза айтты мокундай
Мурдагыса Сагынбай,
Ырыстуу болуш Абылай,
Конок кылды жайма жай,
Конок кылып күттү эми,
Байлык менен түттү эми.
Беш жүз үй тигип койдуруп,
Бээ семизин сойдуруп,
Ак сакалы Байгазы

Айтканынан кайтпаган,
Ак сакалы бул эле.
Ошо кезде Байгазы,
Алданын сүйгөн кулу эле.
Байгазы элге баш болду
Ушундай кызык аш болду
Коноктун бары конушуп,
Ырчынын бары ырдашып,
Как ошентип жыргашып,
Тамаша менен таң атып,
Күлкү менен күн батып,
Байгазы өкүм кеп айтып,
Ууру жүрсө байлап кел,
Как алдыма айдап кел,
Ажы менен Субандан
Айтканына кубанган
Ар болуштан экиден
Жезекчиге аткарды
Элди уурудан куткарды
Отуз киши ат минип
Жол кайтарып чыкты эми.
Байгазыдай баатырдын
Жообун мингип укту эми.
Жол кайтарып күзөттү,
Ууруларды түзөттү
Ошенетип таң атып,
Тамашага чоң батып

Таң атканча тим жатып,
Эртең мен ен болгондо,
Ырчылары ырдашып,
Шар чакырып кеп айтты,
Чоң дөбөнүн кериге,
Аш бердирген жериме
Абылайдын айлына
Тынысстамдын үйүнө
Тамак-ашка тойгондо,
Баары толду лыкылдап,
Кериней үнү бапылдап
Сурнай үнү такылдап
Ушундай кызык жакындап
Көргөндүн бары макулдап
Өткөрө ырчы Калмурза
Шар чакырды шакылдап,
Ат куйругун буугандар
Алыстан келген туугандар,
Ой ат байлаган саяпкер,
Алыстан келген талапкер,
Кеңешке келген жакшылар,
Эл бийлеген кашкалар,
Ой айтып турам шашпаңар,
Чогулушкан көп айтты,
Чоң Байгазы лек айтты.
Чоң дөбөнүн башына
Чогулгула деп айтты.

О кемегенин аты бар,
Келишимдүү баатырлар,
Ошо жерге баргыла,
Тамашаны көргүлө,
Калмурза ырчы кеп айтты,
Калкым жөнө деп айтты,
Айтканын куп дешип,
Абыр-шабыр ат минип,
Аялдабай жөнөдү.
Желекти өйдө көтөрүп,
Түтүн чыкты буркурап,
Кемегени каздырып,
Чоң казанын астырып,
Эл кумарын жаздырып,
Карап турсаң ал элдин,
Тамашасы бир жакта
Аттын баарын чубатып,
Адамдын баарын кубантып,
Байгелерин бөлүшүп,
Тамашаны көрүшүп,
Байгенин башын карасаң,
Он алты жакшы төө болду,
Ошону кылган Байгазы,
Ошончо элден дөө болду.
Айтканын кабыл кылышты,
Надырбектин Байсары
малды ортого салышты.

Ат чубатып келишип,
Эсебин бүгүн алышып,
Байге сайган он беш ат
Ырчылардын көөнү шат,
Байгенин алды бул болду,
Баарын кылган Абылай
Адамдан артык уул болду.
Чыккан атка тогуз төө
Байгазы баатыр кийин дөө
Кийинки атка жети төө
Өбүлгөзү бул болду
Ошонун барын аткарган
Абылай жакшы кул болду.
Андан кийинки тамаша,
Абай кылып караса,
Калмурза жарды чакырды,
Жыйылышып келгенде,
Кыйын атчуу мергенге
Карагайдан жамбыны
Орнотуп коюп кеп айтты,
Жамбы аткыла деп айтты.
Короодон катын дүргүткөн
Коң карга атып үркүткөн.
Копол мерген болбогун,
Кокусунан бул элге
Ок жаңылтып койбогун.
Коркогуңдун баарысын
Ушу баштан ойлогун.

Калмурза калкка кеп айтты,
Как ушундай деп айтты,
Айылдан кат дүргүткөн,
Ала карга үркүткөн,
Айбан мерген болбогун
Кокусунан биреөнүн
Атын атып койбогун.
Кийик аткан мергендер
Кийлаң ишти көргөндөр
Мына жамбы байлады,
Көңүлүндү жайлады,
Мына жамбы келгиле,
Тамашаны көргүлө.
Мергендер мындай келгиле
Тарсылдатып атышып,
Тамашага батышып,
Түш ооганча жатышты,
Түрсүлдөтүп атышып,
Жана жарды чакырды,
Ата албады мергендер
Атабыз деп келгендер,
Ок дарысын түгөтүп,
Жамбысы минтип токтоду,
Олондон ары жок болду.
Жамбыны мындай таштады,
Жаңыдан бирди баштады.

Ат куйругун буугандар
Алыстан келген туугандар.
Атышкен жерде коло ок бар.
Айтылган жерде жомок бар.
Тамир, сеек, куда бар,
Тамашага жуда бар,
Тоо текенин терисин,
Чалбар кылып алгандар
Топко келген балбандар,
Мыктыларың чечингин
Коркокторуң бекингин.
Эки балбан күрөшөт,
Омуроону тирешет,
Күчтүүң жыгып аласың,
Жыгылганың каласың,
Балбандын алар байгеси
Элүүгө жакын кой болду.
Эрмектүү жакшы той болду.
Ал аңгыча болбоду,
Эки балбан өңдөндү
Эки жактан мыкчыйып,
Эки көзү чакчыйып,
Басып келип бул экөө
Багалектен тырмыл,
Букаларча карасап,
Өйдө-төмөн сызышып,
Бир оокамда болгондо,

Борукчунун балбаны
Дүйшемби тиштээк колго алды
Так көтөрүп алды эми
Далысын жерге тийгизип,
Баса калып өттү эми.
Башынан аттап кетти эми.
Ошо бойдон тарады,
Жар чакырды Калмурза,
Күндөгү үйгө баргыла,
Сый-сыпатты көргүлө
Сырдуу үйгө киргиле,
Жарык үйгө киргиле,
Сарамжалын билгиле.
Самоорго чайын кайнатып,
Чай боорсогун жайнатып,
Сандыктарын ачтырып,
Дасторкондун бетине,
Тамак-ашын чачтырып,
Канттын кардай кемирип,
Кымыздарын шимирип,
Ошо тиккен үйлөрдүн
Эшигине бээ союп,
Эртең менен жегенге,
Семизинен кой союп,
Ал күнү антип түнөдү,
Беш-алты күнү ошентип,
Адамдар жыргап жүрдү эми.

Беш күн да болсо өзөнтип,
Кийла доорун сүрүшүп,
Тэүрдүү үйгө киришип,
Ушинтип жыргап жүрүшүп,
Ал күнү жыргап жатты эми,
Эртеси таң атты эми.
Тамак-ашка тойгондо,
Улуу шашке болгондо
Сурнай үнү такылдап,
Кериней үнү бапылдап,
Калмурза чыкты какылдап.
Көл башында бугулар
Айтканымды угуңар,
Атбашылык черикгер
Тамаша болот көрүп бер
Тогуз торо,Жумгалдар,
Толуп жаткан туугандар,
Чүй боюнда солтолор,
Байгазыдай төрөгө
Баягы бийик дөбөгө
Дагы баргын жыйылып.
Буудандын бели майышат,
Бугу,саяк сайышат.
Сайышын бүгүн көрөсүң,
Жаман ишти кылганың,
Байгазыдан өлөсүң.
Элдин баары дуулдап,
Чоң дөбөнү бет алып,

Чогулуп барды чуулдап,
Ал аңгыча бугудан
Чыгып келди бир баатыр,
Орто жерде келе атыр.
Кара Куйруктун уулу экен,
Башында баатыр кул экен,
Ууру кылып аттанган,
Уламадан бата алган,
Жаман Боз деген киши экен.
Бир жагынан чыгуучу,
Баатыр балбан ушу экен.
Көп кечигип кеткенде,
Эт бышымга жеткенде,
Бир баатыры Кан аке
Кулжыгачтан малаке,
Беттеше чыкты бул экөө.
Көргөн жерден качырып,
Чаңды асманга сапырып,
Бирин-бири сайышып,
Кабыргасы кайышып,
Атынын бели майышып.
Экөөнүн күчү тең келди,
Жыгыша албай сенделди.
Жана кайра келишип,
Букаларча челишип,
Казкактарын сындырып
Кулактарын тундуруп

Кайта тартып келишип,
Белден кармап эңишип,
Бирин бири ала албай,
Алек болду бир далай.
Эки жактан калыстар
Чаап келе калды эми,
Жеңише албай койгондор
Ажыратып салды эми.
Кош-кошуна алып барып
Кайра каскак берди эми.
Кадимкиде бул экөө
Кайраттанып жүрдү эми.
Кулжыгачтын Малаке,
Куп салышты бул экөө.
Малаке мыкты эр эле,
Качыргандан кайтпаган,
Камандан талим алгандай, кул
Сайган жоосун жыктаган,
Билеги күчтүү балбан кул.
Аттанганда Малаке,
Качырып жөнөп калды өшол.
Бер жагында Жаман дөө
Эки көзүн ирмебей,
Ал да келет алдынан
Ат үстүнө жалпайып,
Жатып алды Малаке.
Бер жагында Жаман ооз

Абай кылсаң минаке,
Алда келди жетишип,
Найза менен нетишип,
малаке катуу жетиптир,
Бир сайгандан калтырбай
Көме коюп кетиптир.
Эсимен чыгып калыптыр,
Байге басы эсебим
Аны билбей калыпмын,
Калмурза ырчы шар айтып
Калайныкка дагы айтып,
Аялдан экөө чыгышат,
Күчтүүсү бирин жыгышат,
Ушундай өнөр баштешат,
Күрөштүн ыгын биле албай,
Экөө келип карасаң,
Кыйналышып чачташат.
Кайра баштан көз салып,
Калайык чыкты дөбөгө,
Кеп айтышат ар арким,
Байгазыдай төрөгө.
Аялдан балбан чыкпады,
Аш берген үйгө ыктады,
ыктаса да балбан болбоду,
чогулган адам оңбоду.
Чогулушкан катындар,
Алып келди экини

Зордук менен сүйлөшүп,
Жолду ката сүйлөшүп,
Алып келди эрмекке
Эл тамаша көрмөккө,
Экөөнө эки шымды кийгизип,
Аттын делдесине сийгизип,
Күрөөн тартып олтурду
Чоң дөбөнүн алдына
Байгазынын жанына.
Чогулган элдин баарына
Эки катын күрөшүп,
Күрөштүн ыгын биле албай,
Жулмалаша кетти эми.
Андан барып тытышып,
Көйнөктөрүн жыртышып,
Чапандын баарын айрышып,
Жакаларын кайрышып.
Ушундай кызык баштаышып,
Андан ары чачташып.
Чачынын көбүн жулушуп,
Күрөшө албай экөө тең,
Жулмалашып урушуп.
Экөөн мындай караса,
Бүркүт алган түлкүдөй,
Көргөн адам күлгүдөй,
Байгазы баатыр кеп айтып,
Ажыреткин деп айтып.

Ажыраттн бул экеен
Айрылбаган бети жок
Олондо аялдардын эси жок.
Чамбыл ала чаң болуп,
Кызыл ала кан болуп,
Кызагы журтка даң болуп,
Бирин бири кылды деп,
Менин чачымды жулду деп,
Ыйлаганы дагы бар.
Чогулушкан эл айтып,
Убал болду деп айтып,
Тең бөлүп бер деп айтып,
Калыстарга кеп айтып,
Экөөнө эки ат мингизип,
Байлыгын анык билгизип,
Бачайы чапан кийгизип,
Тоомарттыгын билгизип,
Жоргону жана мингизип,
Жана көйнөк кийгизип,
Абийирлери жабылды,
Көйнөк, чапан табылды.
Дагы тарап ырдашып,
Баягыдай жыргашып,
Үч күнү конок алды эми,
Үйлөрүнө барды эми.
Көңүлдөрүн жайлантып,
Баягы чайын кайнатып,
Кымыз ичип үч конду.

Ушундай кызык иш болду.
Өшенетип конду эми
Тамаша мындай болду эми.
Абылай күттү конокту
Сагынбай айтты жомокту,
Калмурза ырды ырдады,
Калкынын баары жыргады.
Жегени семиз эт болуп,
Жемиштери көп болуп,
Жетишпеген адамдар
Ушул ашта бет болуп
Курсактары бек тоюп,
Ичкени кызыл чай болуп.
Өшо кезде калкынын
Көңүлү өсүп жай болуп,
Үч күнү удаа эл күттү,
Байлык менен бул өттү,
Ылаачындай Токторбай,
Ырыстуу болуш Абылай,
Келгендин баары көңүл жай.
Ушул экөө аткарды,
Милдеттүү иштен куткарды.
Аш берген киши айныкер,
Билгенди минтип айтып кер,
Той берген киши күнөкер,
Эл жыйнаган аштуулар
Узун өмүр жаштуулар

Тамакты жыйып мол кылып,
Тамашаны чоң кылып,
Күнүгө ырчы ырдатып,
Ушундай элди жыргатып,
Салтанаты дүң болду,
Санаса конок миң болду.
Миңден ашып жүз болду,
Коңур салкын күз болду.
Аш тарарга кез болду.
Удаасы менен үч конду,
Бечарага күч болду.
Жамандыкка жарабай,
Байдын малы коробой,
Байкуштарга күч келди.
Калмурза айтып ырдады
Кедейлер байкуш канетсин
Үч күнү мында жыргады.
Калмурза шондо кеп айтып,
Ээ калайык деп айтып
Ар нерсе бар санаада,
Ат чабуучу талаага
Күлүктөрүң топко сал,
Чыгып келсе байгеңди ал
Чыкпай койсо куру кал.
Чыкпай калса нетесиң,
Ошо бойдон кетесиң.

Байгенин башы миң болду,
Арбагы журтка дуң болду,
Чыгып келсе атынар,
Миң кой санап аласың,
Чыкпай калган ат болсо,
Бозоруп куру каласың.
Атым чыкпай калды деп,
Үйүңө араң барасың.
Калмурданын жары ушул,
Сөздүн анык шары ушул.
Ат-атыңа мингиле,
Айдай сары талаага
Атыңды коштоп жүргүлө.
Ошентип кабар салды эми,
Айтканын адамдар,
Атка минип калды эми.
Жөлөңкү сары кериге,
Элдин баары келди эле,
Кечедей болуп жардашып,
Элдин бары таңдашып,
Ошол сары дөбөдө
Элдин бары чаңдашып,
Атты ортодон чубатып,
Көргөндүн баарын кубантып,
Өйдө ылдый желдирип,
Аттын баарын келтирип,
Атты жакшы байлатып

Аты текши келген соң,
Жалпы барын айдатып,
Таш кечүүдөн кечирип,
Жаккан отун өчүрүп,
Тиккен үйүн көчүрүп,
Ашы тарап калды эми.
Аттын алдын карасаң,
Куртка белге барды эми.
Түш ооганда ат келди
Тополоңу тозулуп,
Топурак көккө созулуп,
Бирине бири карабай,
Аты чыккан азамат,
Аманат жанын аябай.
Таш кечүүдөн кечкенде
Чогулган элге жеткенде,
Абай кылып караса
Баатыркандын тор аты
Шалаң кулак ат келди,
Анын кийни соңунан,
Анын иши оңунда
Бек болот көк ала ат,
Бирдин артын бул алат.
Анын арка жагында
Курманалынын кара аты,
Уча жүргөн канаты

Анын арка жагында
Кулжыгачтын тор аты,
Анын арка жагында
Чериктин аты Сарала
Ат башыда бар эле,
Атайы күлүк мал эле,
Төрттүн артын бул алды.
Беш аттан башка күлүгү,
Билбей калдык баарысын
Кимдин ким тааныды.
Чакчалекей аш болду,
Байгазы ашка баш болду,
Ырчынын бары ырдады
Ошол элдин ичинде
Калмурза артык жыргады.
Аш бергендин үйүнөн
Абай жаап ат алды
Ырчылардан бат алды,
Үйүндө берди бир атты
Жыйында минтип таратты.
Байгазы берди бир төөнү
Көрбөдүк мындай чоң дөөнү.
Кайдуунун уулу Чокодон
Карматып алды бир кунан,
Аты чыккан Баатыркан
Элүү койду ал берди

Миң койдон элүү кой берди
Калмурзанын өзүнүн
Эркине эл көө берди
Ишакен Койкелди,
Ал дагы он беш кой берди.
Аш берген жери түз болду,
Антип минтип отуруп,
Алган кою жүз болду.
Жетимиш чапан дагы алды,
Ал чапанды карасаң,
Жолдошунун баары алды,
Олжолорун караса
Бир айылга жык толду.
Алган аты он болду,
Арбагы журттан чоң болду,
Кебегендүн бергени,
Айры өркөчтүү төө болду.
Кесир кылсаң ушуга,
Аягында кээ болду
Алган малын чогултса,
Беш жолду ээ болду.
Жыйган малын чогултту,
Ошо малын барысын
Бир айылга толтурду.
Анжыян барчу немедей,
Тамга салып олтурду.

Эки жүзүө сом алды,
Этек, жаңы калышкен,
Асыл кишкеп тон алды.
Албаган алдем ким калды.
Ошол алдин ичинен
Кедеймин деген тим калды.
Жактаса кедей байкуштар
Калмурзага аябай,
Малы түгүл ошолор
Башын бере тургандай
Калмурзадай акынды,
Алдин бари жаратты
Өр Калмурзача акынын
Малынын барин таратты.
Ушунча олжо мал тапты
Койдун барин карасаң
Кедейлерге таратты
Кочкордогу жардынын
Баарысын а каратты.
Аш берген мындай кылган жок.
Калмурза тапкан малынын
Бири үйүнө берген жок.
Калмурзанын өзүндө
Бу дүйнөдө арман жок
Ушунча малды тапса да,
Өзүнө бирөө калган жок.

Мактап айтат манаптар,
Ошолордон алганын
Жардыларга таратты,
Ушул өндүү үзүрдү,
Эчким мындай көргөн жок,
Бөлөк ырчы барганда
Калмурзадай берген жок
Биринен алып бирине
Бере берет аябай,
Жакшы дүнүйө табылса,
Эч кезүнө карабай,
Кийин кандай болом деп,
Арты кийинин санабай,
Илгеркинин санаса
Теги жанын аябай.
Арбагы чыкты башында
Азапты көрдү жашында
Ошенетип олтуруп
Өтүп кетти ал заман
Анын арка жагынан
Никалайдын шум заман
Ушулардын артынан
Билими жок адамга
Акыргындап айтпастан
Абийри ачылды
Казак кыргыз кайран эл
Дүнүйөсү чачылды

Казак менен кыргызга
Как ушу жерден асылды.
Бий болуштун баарысы
Кедейлерге асылды.
Түтүнгө салдат бергин деп,
Бириң калбай жүргүн деп
Урушкан жакка айдады.
Караңгы кедей дыйкандар
Таба албады айланы.
Же баш кошушуп жүрө албай,
Же беттешкен жоого кире албай
Анын ким экенин биле албай.
Же эптеп жоого кире албай
Куралы жок кургурлар
Жыгачка жуушаң кадашып,
Акылдан минтип адашып,
Атарына мылтык жок,
Пайзадан башка жабдык жок,
Ушуну менен турушуп,
Николайдын солдатка
Каршы туруп урушуп,
Урушам деп кырылып,
Кытайды көздөй сүрүлүп,
Күнчыгышты бет алып,
Кытай жакка бааналап,
Башты сала бармакка
Кытайдан берки калмакка

Шол жакка бармакка
Ойлоп качып жөнөдү,
Бет-бетинен буркурап,
Катын бала чуркурап,
Кебүнүн сөөгү зыркырап,
Николайдын аскери
Ажалдууга кез келди
Койдой айдап кырышып
Корккон элдин артынан
Азыр чыкты жылыштап
Жеткен жерде кылычтап,
Кырып жүрдү кыргызды
Эч кылган жок кылмышты
Карацгылык курулду,
Качабыз деп кырылды.
Же барган менен албады,
Тозуп туруп кытайлар
Андан бетер кылганы
Өз башыңа ок аттың,
Дүнүйөңдү жоготтуң,
Кытай тозуп башка уруп
Он алтынчы жылында,
Далай адам ачка өлүп,
Ачкадан өлдү ар жерде
Ушундай кыйын тар жерде
Куруп калган кедейлер
Бай манапка катылды

Кытай жакка барганда
Катын кызы сатылды.
Өзүлөрү атылды.
Эки жылы сүрүлдү,
Эгин таппай кырылды.
Ала тоонун ичинде
Ачкадан өлдү ар жерде
Ошончо өлсө түгөнбөйт
Берекеси бар экен,
Мээнет менен жетишти
Мындай заман кана экен,
Кытайдың жаман эл экен,
Баш калкалап барганды,
Печен адам зарланды.
Байкасаңар жаандар,
Залимдердин ишине
Акыл өөп таң калды.
Бежелдеген ашуудан
Бээ байталдан айрылдың
Бээжиндин бери жагынан
Бери тартып кайрылдык
Мелтиреген жаштардан
Пак ошентип айрылдык.
Кыз келиндин баарысн
Кытайга берип сатылды.
Кыйсталак зулумга
Как ошентип катылды.

Катылганы курусун,
Күнүндө минтип кор болду.
Арылбаган байкуштун
Маңдайында шор болду.
Андан бери карата
ишибиз анан оң болду.
А дегенде мыш болдук,
Ошондой күнгө туш болдук.
Караңгылык курусун,
Как ушинтип кырылдык.
Кайран жерден айрылып,
Как ушинтип сүрүлдүк.
Андан кайтып келгени
илим билип окудук,
Ар өнөрдүн баарына
ошондон кийин токундук
А дегенде билбестен,
Зулум менен уруштук,
Ушу кезде карасаң,
илим издеп тырыштык
илим менен билимди,
ошондон бери үйрөндүк,
Ушу кезде карасаң,
Жалкоолукту сүйбөдүк,
Ушу кезде ойлонуп,
Жакшы кепти сүйлөдүк.

Күндө бир маал чогулуп,
Аңгемени баштадык.
Арабызда жамандын
Баарын алып таштадык.
Күчаладай от алып,
Күндөн күнгө күчөдүк,
Былтыркыдан быйылкы
Кылган жумуш үч эли,
Өйдө болуп баратат,
Барган сайын арбылап
Байге атындай артылдап
Кедей менен дыйкандын
Өнөрү чыкты шарылдап,
Ичибизде балдардан
Ырчы болду ырдашып,
Барган сайын моминтип,
Өтүп барат жыргашып,
Ырчы болдук ушунда,
Сталиндин тушунда
Николайдын тушунда
Бейпай болдук ошондо
Белге чапкан жыландай.
Сүйлөй албай калыпбыз,
Ушу келген заманды
Ойлой албай калыпбыз.
Залимдердин тушунда,

Санай албай калыпбыз,
Ушу келген заманды,
Карай албай калыпбыз,
Бай менен бийдин баранда,
Кызматында болупбуз.
Ушу кезде ойлосок,
Жыргал күнгө конупбуз.
Кудай берди тилекти
Шымаландык билекти,
Сталинибиз турган соң,
Кайраттуу кылдык жүрөктү.
Жан аябай турушуп,
Жакшы жолго киришип,
Барган сайын күүлөнүп,
Жолбашчыдан үйрөнүп
Биринен бири билимдүү,
Баары молдо илимдүү
Кызматыбыздын баарысын
Ортобузга салабыз.
Ушунетип отурсак
Орундан кантип калабыз.
Мындан артык күчөтсөк,
Кызыл эрден алабыз,
Оокат жайдын баарысын
Ойлоп туруп билебиз,
Мурунку өткөн заманды
Айткан жерде күлөбүз.

Мурдакылар жаманды
Эмкинин баары амалдуу
Эмкилердин баарысы
Акыл, макал, маселдүү,
Өтүп кетти мекелей
Ал өңдөнгөн көзөлдүү.
Тилегине жеткирбей
Лениндин билими
Ушу кезде окудук,

Сталиндин билими,
Кантип эске албайлык,
Сталиндей маршалды.
Барын ойдо оңолтту,
Куурап жүргөн бакырды
Баарын айтып билгизип,
Ушундай ишке чакырды.
Адабият үйрөтүп,
Ак жолума киийрди,
Ай ааламдын баарысын
Акыл менен ийирди
Күнү-түнү уктабай,
Ушу ишти жөнөттү.
Өндүрүштү күчөтүп,
мындай жолду баштады.
Жалкоо болгон адамды
Аркасына таштады.

Барекелде Сталин
мындай өнер бештадн.
жалпы кедей барысын
жашн түгүл карысын
жакшн ишти кергезди.
Берген сейин карасак
жакшы болду телгесү.
Сталиндин нускасн
Айта берсе түгенбейт
Акыры сөздүн кыскасн
Бу дүнүйе болгунча
Сүгенбесб деп ойлоп,
Арасында душман жок,
Эми буга кеп ойлоп
Бечара менен кедейди
мына ушинтип кетерди.
Душман болгон адамды
канжыгага бектерди
Орыскиннын баарысн
жерден чыгып жайнады.
Орчыларднн баарысн
Элден чыгып сайрады.
Темак аштын баарысн
Белен болуп кайнады.
Дүнүйенүн баарысн
жер үстүне жайнады.
Ылдан жылга карасак

Жер жарашып баратыр,
Жер үстүне жыргашып,
Эл жарашып баратыр.
Жамандыктын баарысы
Ичибизден жоголду,
Барган сайын моминтип,
Большевиктер оңолду,
Карысы карап турган жок,
Илгеркинин баарысы
Мындай ишти курган жок,
Жигиттер жилик алган жок
Бул замандай балбан жок,
Көрөлүк ушул ж заманды,
Көргөн жокбуз дүйнөдө
Мурункудай жаманды
Бай-манаптар баштаган,
Эмдиги биздин жаш балдар,
Баарын талаага таштаган,
Өкүматчы жаш балдар
Мындай жолду баштаган,
Ушу кезде карасак,
Самоорго чайы кайнаган.
Ушулардын баарысын
Ырчылар эптеп сайраган.
Адабият жол болгон,
Илгерки жакшы молдодон
Өтүп кетти ырчылар

Абайлачы ушулар,
Энгиреди эрендер
Болбой калды молдолор
Жылда ушинтип күчөтсөк,
Барган сайын оңолду,
Бай-манаптын баарысы
кезегинде оң болду,
Кедей-дыйкан уулунан
Ушу күндө чоң болду,
Күндө кыйын курулуш
күчөп барат бул жумуш,
Баракелде акылдан
кылган ишин жагымдуу,
Мейнет, кышы тынбады,
кылган иши чоң болду.
карап турсаң Сталин,
Баарысын жакшы сындады.
дыйкандардын өнөрү,
Ашып барат жаркырап,
Ай тийгендей жаркырап.
Күндө күчөп кызарып,
Өнөр ашты узарып.
Адабият сездеген
Акылы бар көздөгөн,
Амалы бар үйрөнгөн
Албан түрлүү сүйлөнгөн
ширин айткан сөзү бар,
көзү бар.

Көрүп келген эмедей,
Кызыктыгы ушундай.
Манас менен Семетей
Касиети кошойдой
Кандай айтса ошондой,
Айткан сайын түгөнбөйт.
Кызарттын суук желиндей.
Түгөнбөгөн кенч экен,
Ысык көлдүн көлүндөй,
Ырдын сөзү түгөнбөй,
Буркураган булуттай
Барын эбин келтирет
Бирин койбой унутпай,
Акындардын сөзүнө
Абыдан кара өзүнө
Айта берсе түгөнбөйт
Топурактан өндүрөт,
Ойдо жок сөз болсо
Ордуу менен келтирет.
Чубартмалуу макалды
Ырчы кайдан такалды,
Айта берет мэселди,
Таап айтат көзөлдү,
Көзөл деген көп болгон
Ырчынныкы эп болгон.
Кыйматка түгөнбөс,
Адабият көп болгон.

Мындай заман келген жок,
Мурункуга болгон жок,
Акылы жетпейт адамдын
Аягы кайда барарын
Чубуруп келген жел сөзду,
Айтып өтөт ырчылар,
Чогулуштун ичинде
минтип айтып турчуулар,
Сөздүн барын сөздөгөн,
Хабар жерин көздөгөн,
Баракелде акундар,
Карап турса калайык
акындарда акыл бар,
чечен болот акындар
Бечел болот бакылдар,
акылы бар боз бала
Анык ишти козгола
Ушу кезде жаш бала
Биздин жолго баш бала
Адаштырба жолунду,
Арты кийин аңыды,
көрөсүң делай сонунду,
Балдарга айткан макалы,
Ушундай кепке такалды.
Замана оол жылышты,
Акундар сөзгө кунашты.

Ушундай кепти билсем деп,
Делай адам тыныштт
Кээ бир адам айта албай,
Аттын оозун тарта албай
Айта берет ар кандай.
Кээ бир балдар жалтанбай,
Сүйлөй берет тартынбай,
Адабият баштаса,
Түгөнбөгөн мемундай.
Мурун өттү бир далай
Токтогулдай ырчылар
Чогулушта турчуулар
Алар өттү бир кезек
Бизге калды чоң эсеп
Ушул өңдүү ырчылар
Ушу кезде болбоду,
Эмки ырчылар макалдуу
Айта албай сөзгө такалды.
Билгенин айтып жорголоп,
Кээси таппай корголоп,
Сталиндин тушунда,
Ордай турган ушунда.
Өз өнөрүн жашырып,
меникин айтып билгиз деп
Элден башын ашырып
Айта албай мууну калтырап,
Эки көзү жалтылдап.

Кийин жүрөт көрголоп,
Кайран сөзүн көр кылып,
Кээ бирөө жулунуп
Айтып жүрөт өлунуп
Сөз ичинде макал көп
Ойлоп турсаң акыл көп
Корунуп калба көрголоп
Колуңдан келсе артынан
Айтып бергин жөрголоп,
Өкүматтын алдына
Айтып өткүн сөзүңдү,
Сындатып өткүн өзүңдү,
Жакшы болсо бу сөзүңдү
манастай айтып баштагын
Өкүматтын алдына
Китеп кылып таштагын.
Жакса кызмат аласың
жакпаса куру каласың,
мындай ырчы балдарды
Араң жүргөн жандарды
Күлүк аттай сүрөгүн,
Бул өңдөнгөн сөзүмдү,
Күнүгө айтып жүрөмүн.
Айтып муну койбодум,
Аягында мен санап
Акыретти ойлодум.

Мен алгандан тойбодум,
Бечараны ойлодум,
Адамдын баары бир киши
Баары окшош мүчөсү,
Убактысы келгенде,
Калмурза минтип күчөдү.
Айткан сайын чаркырап,
маңдайы ачык жаркырап,
Көргөндөрдүн баарысы
Узун кулак шарысы
Уламалуу карысы
Калмурзадай ырчы жок,
деп мактап калышты,
Бай-манапка даң болду.
Байлар санап мал берди
Калмурза кошуп ыр берди
Калмурзаныкы өзүнө
Башында мындай ыр берди.
Ырдаган жерден көп алды
Дүнүйө кылып жыйбады
Кедейдин барын сыйлады,
Өлгүнчө өзүн кыйнады.
Аты калды артына
Кедейлер жетти баркына
Кедей дыйкан көп айтат
Ушу кезде Калмурза

Түрүү болсо деп айтат
Делей адам көп айтат
Булбул эле деп айтат
Бу дүйнөдө бир келген
Куудул эле деп айтат,
Калмурза сөзү көп болду,
Укkандарга эп болду,
Ушу бойдон токтолду.

Айтуучу : Ырысмендеев.
Жазуучу: Эсенбаев Келдибек.
/7-класстын окуучусу/.

Арстанбек



Кол башында Арстанбек
Кеп адамга айткан кеп
Сарбагыш эмес бугу экен,
Сайраган сөзү бул экен,
Өзү акын куу экен,
Агып турган суу экен.
Адабият сөздөрдү а
Айтып берчүү киши экен,
Арстанбектин макалы
айтып кыска жазалы,
Айлың алыс киши экен
Айткан кеби ушу экен.
Ар кимден угуп жаздырып,
Анык көбүн биле албай
Таба албай жүрдүк бир далай.
Опасы жок дүнүйө ай
Ошолордон кыдырып
Келе жатыр момундай.
Арстанбектин айтканы
Алдан түрлүү кеп экен.
Укканлардын баарына
пуска кылган эр экен.
Карагoлдук бугудай
Элден чыккан арстанбек
Күңгөй менен Тескейде
Келден чыккан арстанбек

Убактысы келгенде
Жүйрүк чечен кул экен
Абай кылып карасаң,
Айткан кеби бул экен
Өзүбектин заманы,
Ошондо кыргыз жаманы
Арстанбекти сурасаң,
Бай-манаптын бири экен,
Айткан кеби бул экен.
Адамдан жорго кул экен,
Акындардын өзү экен
Айтканы макал сөз экен.
Айткан сайын аркырап,
Акындыгы ушу экен.
Сөз жагына калганда
Табына келген куш экен.
Ошо кезде кыргыздар
Жүрөгүндө бир муз бар,
Ошо кезде орустун
Айбатын угуп коркуучу,
Орус келет дегенде,
Түн ичинде уйкусу
Орусту угуп чочуучу,
Бет алган жака качуучу,
Акылынан шашуучу
Ошону кошуп кеп айткан
Орус түгет деп айткан

Миң түтүнгө бир киши
Болуш чыгат деп айткан
Суу башында үйү бар,
Үй башында бийи бар,
Баш аламан кыргызга,
Айтып берди Арстанбек
Алда нечен сонун кеп.
Айткан кеби бул экен,
Акын ырчы кул экен
Өңү сары көзү көк
Бу жүргөндөн артык көп
маңдайлары кашка экен,
Кыялы журттан башка экен
Баарысынын сарысы
ичинде жок карысы
Баарысы жаш балдары
ичинде жок чалдары
Ажалдан акыр шашпаган,
Баарысы мерген кул экен,
Отуз менен жыйырма
Ортосунда уул экен.
Узун чыккан чөп болсо,
Оруп келет деп айткан,
Кыска чыккан чөптөрдү,
Коруп келет деп айткан.
Ай ааламдын баарысын
Соруп келет деп айткан.

Күнгөй менен тескейди,
Бириктирет деп айткан.
Арабасы шаркырап,
Жүрүп турат деп айткан.
Этеги жерге тийбеген
Отуруп жерге сийбеген,
Ушундай адам экен деп
Эки жыл мурун баштаган
Орус кирип келгенде
Жерди ээн таштаган
Караголдун башынан
Кайран жерди таштаган
Кашкарга кире качам деп,
Кашкарга кирип баталбай,
Кайтып келди бугулар,
Как ушуну угуңар.
Кайтып келсе жерине,
Орус орун алыптыр,
Ошонетип көп бугу
Орун таппай калыптыр.
Качкан бугу канетсин,
Элей салып киришип,
Эптеп минтип жүрүшүп,
Улугунан кеп угуп,
Убада ушул деп угуп
Кайтып келген бугулар
Как ушуну угуңар.

Күңгөйдөгү доңузду,
Союш кылам деп айтты,
Субандын уулу Адылды
Болуш кылам деп айтты.
Караголдун как өзүн
Конуш кылам деп айтты.
Качып барып Кашкарга
Кайтып келдиң бугулар
Оозуңа кирген калпыңды
Айтып келдиң бугулар.
Бута атканда жүгүрүп,
Огун келдиң бугулар
Кашкардагы кытайдын
Богун тердиң бугулар,
Ушу сөздү айтабыз,
Анык тап жакшы угуңар.
Эгин айдап, мал багып,
Эми оокат кылыңар.
Тамды салып, бак тигип,
Тамашаны куруңар.
Арстанбектин кеп экен,
Айтса анык эп экен.
Атайы жакшы кеп экен,
Бага торпок тананы,
Сактайсың сары талааны.

Солдаттыкка бересиң,
Өзүңден чыккан баланы,
мындан ары карата,
Койгула мындай санааны.
Окудук куптан тараба,
Күндөн күнгө күчөдү,
Келе берди араба.
мындан ары карата
Андай ишти санаба.
Караголдун өзүнө
Карасаң мунун көзүнө
Баары маймыл окшогон,
Көгөөндөй болгон көзү бар.
Айтса тили билинбейт,
нечен сонун сөзү бар.
Орус билди бугуну
Арстанбек айтты момуну.
Тилмеч коюп өзүнө
Көгөөндөй көзүнө
Айран болуп турушуп
А дегенде урушуп,
Анан кайта киришип
качып кеткен катындай,
Кайтып келди бугулар,
Калайыктын баарысы
Как ушуну угуңар.

Шайлоо кылды үйөзү,
Абай кылып караса
Жаман экен мүнөзү.
Он кишиден бир киши,
Он башыны кылды эми,
Ошентип эсеп алды эми.
Жүз түтүнгө бир киши
Старчын кылып салды эми,
Ылдамдап эсеп алды эми.
Түштүк жерге бир жерге
Салып келет бекетти
Илими жок кыргызды
Как ушинтип кекетти.
Жүздөн санап он кылып
Ошон ондун үстүнө
Болуш шайлап чоң кылып
Бей бечара баарысын
Ат байлатты бекетке,
Айдап жүрүп кекетти.
Өз борго байлатып,
Өрттөй көзүн жайнатып,
Ушунун барын айткын деп
Жарчы кылды өзүмдү
Жайнатты минтип көзүмдү.
Самоорго чайын кайнатып
Арстанбекти сайратып,
Орчыныкка жаздырды

Печеттин мөөрүн бастырды.
Атактуу ырчы өзүмдү
Айтып бердим сөзүмдү,
Кан Ормондун өлгөнүн
Баян кылдым баарына
Улуу кичүү карыга.
Барган сайын бул орус
Күчөгөндөн күчөдү,
Адамдан артык мүчөлүү
Ууруларды жок кылды
Караголго топ кылды
Качкандардын баарысын
Кармап алып жок кылды.
Сарбагыш эмес бугубуз,
Сайраган кепти угунуз,
Улугу майыр чоң болду,
Ошондо ишим оң болду.
Майырга минтип ырдадым,
Ошондон кийин жыргадым.
Кан Ормондун өлгөнүн,
Баян кылдым майырга,
Жакшылап айттым майырды
Арстанбек анан дайырды.
Кан Ормонду өлтүрүп,
Көлүк болуп калдык деп,
Башка чапса былк этпес
Өлүк болуп калдык деп.

Карагайга корголоп,
Элик болуп калдык деп.
Сарбагыштын жакшысы,
Орусуна бакшысы,
Ормон ханды өлтүрүп,
Уйрон болдук көп бугу.
Ичерине кыргызга
Айран болдук көп бугу.
Өлтүрүп коюп Ормонду
чабылдык та, чачылдык,
каш ушинтип камалдык,
Таба албадык амалды,
Ормон ханы өлгөндө
Акылдан жаман шашканбыз,
Анжыянга качканбыз,
Атанга жүктү деңкейтип,
Анжыянга эңкейтип,
Элди айдап барганбыз.
Кымыстыгы жырылып,
Андан бетер кырылып,
Кайтып келдик жай таппай,
Баш коерго бай тапбай,
майыр байга кеп айтып
мына ушуну көп айтып,
Баян кылдык барысын
Угуп карап сөзүмдү
Кабыл алды сөзүмдү.

Жолдош кылды солдаттн
Эрчитип мен чыгып
Элдин көзүн карматтым.
Эрчиген солдаттын
Кыдырып карап олтурдум.
Эрчиген адамдын
Чөнтөгүнө акча толтурдум.
Лан Ормону өлгөндө
Катын менен баланы
Олжо кылып бөлгөндө,
Ошону кайра тийгиздим,
Жумшап жүргөн байынан
Түрлүү кийим кийгиздим.
Атын тандап мингиздим,
Жигит алып мал жыйып,
Олжого кеткен эл жыйып,
Кылган ишим бул болгон.
Лан Ормондун айынан
Эркек балдар кул болгон.
Ургаачысы күң болгон.
Таманга басып жүн кылган,
Жыйып келип баарысын
Ата, энесин таптырдым.
Ошолордун баарысын
Ар тарапка чаптырдым.
Ошондо мени мактырды,
Доор сүрдүм жашымда

Дуулап жүрдүм башында
Караголду бийледим
Калк ичинде сүйлөдүм
Тынч алып үйдө жүрбөдүм,
Мен Арстанбек болгону
Бериште ишим оңдоду.
Айтышып киши чыкпады,
ырчынын баары ыктады
Жаш кезимде атыктым
Ат үстүндө катыктым.
Он бешимде белсендим,
Оң менен солго теңселдим.
Бет алып адам чыккан жок,
Өтүп кетти дүйнө бок
Учар кушка бир канат
Өмүрүм өттү бир заман
Бу дүйнөдө арман жок.
менден арман калган жок.
Өз тушумда ырчы жок,
Ашты өзүм бийледим,
Албан түрлүү сүйлөдүм.
Жакшыларга жанаштым,
Жамандардан адаштым,
Барган сайын оңолдум,
Башташканым жоголдун,
Арстанбек болуп атандым,
Ак пашаадан кат алдым.

Акын ырчы атандым,
Ар жакшыдан ат алдым.
Кармашканды койбодум,
Кам ушундай акыл ойлодум.
Ар жакшынын өлгөнүн,
Өлгөнүн көп көмгөмүн.
Өлгөндү өзүм бийледим
Өйдө төмөн сүйледүм.
Өкүм болуп жүргөнүн
Ушундай доор сүргөнүн
Бир жыл кыйын оорудум,
Өткөрдүм мындай доорду
Ооруганда шекидим
Өлөмүн деп бекиндим
Өлүмдөн шондо чочудум,
Өз көңүлдө коркунчум
Бейитти көрсөм бекиндим
мен да ушундай болом деп
Өз жанымдан шекиндим.
Ооруганда курудум
Ошонетип турумун
Бир күн чыгат жаным деп
мүшкүл болот алым деп
Ошондон кийин ойлондум
карыптардын баркына
Кайыр бердим жаныма
Бечаранын баркына

Верешен болдум ошондо
жарды менен кедейим
Өлүм келсе недейин,
жалынган менен айла жок,
Өткөн ишке пайда жок
Бу дүнүйө бекер кеп
Кара жаным шекер деп
Адам уулу болгон соң,
Баарысы эле бекер кеп
мурдагы ишим таштадым,
жакшылык иште баштадым.
Дүнүйөмүн баарысын
жардыларга чачкамын
жети күнү той кылып,
Элден бата алгамын
Баарына кайыр кылгамын
Оруган да көрккомун.
Мурдагыдай болом деп
Алыс жакка жортбодум.
Ушул дүйнө шум жалган
Шум жалганга ким калган.
Дабыр-дубур дабыр таш
Дарбазанын түбү таш
Дагдырына келгенде
Калат экен алтын баш
Көзден агып кандуу жаш

Катын балаң чуркурап
Карып жаның чыркырап,
Он эки мүчөң зыркырап,
Өйрон болот экенбиз,
Бул ажалдан калбайбыз,
Өлбөймүн деп жутунуп
Тоңбоймун деп кумтунуп
Бу дүйнөдө жүрөбүз
Зүрдү минтип сүрөбүз,
Үйүбүздө жүрөбүз,
Чоочун жерге барабыз,
Ошондо кандай кылабыз,
Узак жолго жүрөбүз
Шум өлүмдү көрөбүз,
Бул өлүмгө айла жок
Айткан менен пайда жок
Жараткан өзү билбесе,
Жалынган менен даба жок.
Акыры бир күн өтөбүз
Акыретке барганда
Как ошондо нетебиз
Өмүр өтүп кеткен соң,
Кууп кантип жетебиз.
Чыпык элем башында
Чынар элем жашымда
Чынар терек сынбайбы,
Чымындай жаның тынбайбы.

Дубанача зерланип,
Турмушумду айтайын,
Эми райдан кайтайын,
Оюмдагы сөзүмдү
Айтпай кантип жатайын
Ушундай айтар ырым бар
Айтып турган сырым бар,
Он эки түрлүү ырым бар,
Ондоп айтар сырым бар
Капка салдым ийнелеп
Сүйрөтүп жүрөм чийнелеп,
Ырды кумдай төгөйүн,
Капаждардын оозун сөгөйүн,
Калкыма айтып көрөйүн,
Чоочун элге барамын
не деп жооп беремин.
Алып барган белек жок,
Айткан менен керек жок,
Суута чыккан бай терек
Айткан менен не керек
Айтып өттүм башымда
Доор сүрдүм жашымда
Адамдын бары сыйлады
Аманат жаным ыргады
Бу дүйнөдө арман жок
Ичине салды кайгы шок

Ооруу жаман шаштырды,
Сил жүгүрдү санаага
Өлүп калсам кокустан
малым калды талаага.
Үйдүн бары бош калды
Өлүп калсам кокустан
Балаларым жаш калды.
Ушу кезде ойлосом,
Мен өңдөнгөн пенде жок
Ойлоп келсем элде жок
Булбул элем таңшыдым,
Муунум бошоп жашыдым.
Күлүк элем басылдым
Аргымак элем арыдым.
Азамат элем карыдым,
Кайсы бирин теремин
Билгеним айтып беремин.
Ичим толгон ырым бар,
Айтарга түрлүү сырым бар,
Жаңыдан чыктың Солтобай
Ойлоп тургун ой тобой
Сен жакшылап ырда онтобой.
Солтобай менден талим ал
Ушул сөзгө кулак сал
Келтирип айткын сөзүмдү
Кайтпагин өзүмдү.

Ээ Солтобай чырагым,
Эптеп сөздү курадым
Ажал жакын окшоду,
Айла таппай турамын
Солтобай болуп атангын-
менин айткан кебимди
Көкүрөккө жат алгын.
Кейитпегин өзүмдү,
Таштабагын сөзүмдү,
Батамды сага берейин
маанисин элге айтып жүр,
Сен да мендей өмүр сүр,
Өмүрүң узун болсун деп
Өткөрүп айтам далай кеп
Капалыкты койгун деп
Кайгың болсо жойгун деп
Тулпар минип, туу аштап
Дуулап жүргөн эл баштап
Туйгун салып кыз алып
Ырган жүргөн эл баштап
Добушумду арбытып
Калыштын баарын жаркытып
Солтобай ырчы чунагым
Ушунча жандан ынагым
Байкап тургун чырагым
Башым кеңгип турамын.
Өрө кийиз жазданды

Ушу сору жаманго,
Өлө турган баштадым,
Алда кандай күн болот,
Балаларым жаш калды,
Солтобай балам көз салды.
Өлө турган эндендүм,
Акыретке көөндөндүм
Сүйлөрүмө дарман жок
Турайын десем алым жок,
Жүрөк күйүп боорум чок,
Сүлдөрүм бар өзүм жок
мурункудай сөзүм жок
мындан кийин көзүм жок
мындан башка кебим жок,
муунумун баары бошоду,
муңканып айттым ошону,
Кайран көзүм кылайып
Кыяматка ылайык,
Байкадыңбы Солтобай
Каруум кетти ой тобой,
Кайтпай турган дары экен
шум өлүмдүн зарпы экен,
Султандардын баарысын
Кайдан табам дарысын
шум кара жер жашырды.
Канча канча кеп айтып

Солтобайга тапшырды,
Айта берем адатым,
Арстанбектин санатын
Андан бетер ашыгын
Жамандыгын жашыргын
Жакшы башта Солтобай
Жаш баладай онтобой.
Айыкбаймын ой тобо ай
Бул оорудан соо калбайм
Үмүт үздүм жанымдан
Ыйман берсин кудайым
Ырды сага тапшырдым
Ырдай көргүн жудайын.
Бул оорудан нетемин,
Айыкпаган оорум бар,
Арылбаган шорум бар
Ушу сөзгө кулак сал
Көкүрөккө бекем ал
Сыйласаң сөзүм таштаба
Ар кайсы жерде маанисин
Арстанбектин ыры деп
Ак сакалдар таанысын.
Куп келтирип баштагын,
Мендей болсоң таштагын,
Ашта тойдо калтырбай
Абакемдин ыры деп

Айта бергин элиме,
Таңуу кылдым белиме,
Ырдык чырдык жериме
Ырас айткын элиме
Көзүң салгын өзүме
Көп-көп айткан сөзүмө,
Ушинтип айтты Арстанбек
Кызылдан жаздык жазданып,
Кыяматка баштанып
Кылагар көзү кылайып,
Кыяматка ылайык
Кыл муруту шыйпайып,
Ошону айтып басылды,
Көрбөдүк мындай асылды.
Оозунан түтүн бур этип,
Сүйлөп туруп жан кетип
Ошол элдин баарысы
Карап туруп чур этип,
О дүйнөгө жөнөтүп,
Кары, жашы буркурап,
Карап туруп чыркырап,
Кайран эрди жөнөтүп.
Ушинтип көзү жумулуп,
Эки буту сунулуп,
Буту колу булайып,
Акыретке ылайык,
Деми чыкты оозунан
Сүйлөп туруп жан кетти
Бул дүйнөдөн ал кетти.
Айтуучу: Ырысмендеев.